USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

АГА ХАН ФОНДУ

«ГИГИЕНА ТАРМАГЫНДА БАЛДАРДЫН ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ»

МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ТАРБИЯЧЫЛАРЫ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

SCHOOLS 2030

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

АГА ХАН ФОНДУ

«ГИГИЕНА ТАРМАГЫНДА БАЛДАРДЫН ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ»

МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ТАРБИЯЧЫЛАРЫ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

«Гигиена тармагында балдардын турмуштук көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү» мектепке чейинки билим бөрүү уюмдарынын тарбиячылары үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек, 2021, 121 бет

Методикалык колдонмо Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен басып чыгарууга сунушталган (2021-жылдын 27-декабрындагы №7 протоколу).

Авторлор:

Эсенгулова М.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессордун милдетин аткаруучу.

Ташмаматова Ж.О. – Кыргыз Республикасындагы Ага Хан Фондунун Эрте курактагы балдардын өнүгүүсү программасынын жетекчиси.

Рецензенттер:

Усенко Л.В. – Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун мектепке чейинки тарбия жана башталгыч мектептик билим берүү кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.

Толобекова З.Ш. – Кыргыз билим берүү академиясынын мектепке чейинки билим берүү жана Мамлекеттик тилди өнүктүрүү лабораториясынын улук илимий кызматкери.

Бул методикалык колдонмо Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) жана Ага Хан Фондунун «Жергиликтүү өзгөрүү» долбоору аркылуу Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Басылманын мазмунуна автор жооптуу жана ал USAID, АКШнын өкмөтүнүн же АгаХан Фондунун көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

Сунушталган методикалык колдонмо мектепке чейинки курактагы балдардын (5-6 жаш) гигиена тармагында турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган. Инсанга багытталган окутуунун алкагында «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү» методикасын колдонуу менен мектепке чейинки курактагы балдардын (5-6 жаш) турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында иштелип чыккан интерактивдүү ата-энелер чогулуштарынын жана практикага багытталган көнүгүүлөрдүн иштелмелери мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларына жана тарбияланууучулардын ата-энелерине арналат.

«Гигиена тармагында балдардын турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү» мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячылары үчүн методикалык колдонмо (в этой части нет пробела в готовой книжке) Кыргыз билим берүү академиясынын мектепке чейинки билим берүү жана Мамлекеттик тилди өнүктүрүү лабораториясынын (2021-жылдын 14-декабрындагы №3 протоколу), Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун мектепке чейинки тарбия жана башталгыч мектептик билим берүү кафедрасынын (2021-жылдын 17-ноябрындагы №2 протоколу). эксперттери тарабынан жактырылган.

МАЗМУНУ

Киришүү **7**

Негизги түшүнүктөр **8**

1-бөлүм. Теориялык маанилүү ЖЕТИ суроо **10**
1. Гигиена жана санитария деген эмне? 11
2. Гигиеналык жүрүм-турум, гигиеналык практика деген эмне? 12
3. Гигиеналык билим берүү жана тарбиялоо деген эмне? 14
4. Турмуштук көндүмдөр деген эмне? 17
5. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү деген эмне? 23
6. Коопсуз өнүктүрүүчү чөйрө деген эмне? 26
7. Чыгармачылык (креативдүүлүк) деген эмне? 28
1-БӨЛҮМ БОЮНЧА КЫСКАЧА ПИКИР 31

2-бөлүм. Методикалык маанилүү АЛТЫ суроо **32**
1. Инсанга багытталган окутуу (ИБО) методикасы деген эмне жана аны кантип колдонобуз? 33
2. Инсанга багытталган окутуу (ИБО) үчүн кандай суроолор, суроолордун деңгээли, түрлөрү маанилүү? 36
3. Өзүн өзү тарбиялоо деген эмне? 38
4. Эмне үчүн интерактивдүү ата-энелер чогулуштары керек? 39
5. Интерактивдүү ата-энелер чогулушун өткөрүүнү кантип уюштуруу керек? 42
6. Көрсөтмөлүүлүк деген эмне жана интерактивдүү ата-энелер чогулушун өткөрүүдөгү анын мааниси кандай? 45
2-БӨЛҮМ БОЮНЧА КЫСКАЧА ПИКИР 48

3-бөлүм. Маанилүү БЕШ сабак **49**
1-сабак. «Биринчи байлык ден соолук» 50
2-сабак. «Эшигин көрүп төрүнө өт» 54
3-сабак. «Тазалык өмүргө гүл азык» 58
4-сабак. «Суу – өмүрдүн булагы» 62
5-сабак. Туура тамактануу эрежелери 71
3-БӨЛҮМ БОЮНЧА КЫСКАЧА ПИКИР 77

4-бөлүм. Практика, практика, практика **78**
1. Балдардын позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун калыптандырууга көнүгүүлөр, тапшырмалар 79
2. Өзүн өзү таануу, өзүн өзү тарбиялоо көндүмдөрүн калыптандырууга көнүгүүлөр, тапшырмалар 89
3. Чыгармачылык көндүмүн калыптандырууга көнүгүүлөр, тапшырмалар 97
4-БӨЛҮМ БОЮНЧА КЫСКАЧА ПИКИР 101

ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ **102**

АЛКАКТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ШКАЛАСЫ **103**

ТИРКЕМЕЛЕР **118**

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР **121**

ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:

Негизги түшүнүктөр	
Изилдөөлөрдөн	
Бул кызыктуу	
Педагогдордун тажрыйбасынан	
Көңүл буруңуз	

«... адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн Адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү экен. Аны да бирөөнүн жардамы менен эмес, өзү күн сайын, саат сайын бүт дилин берип, колунан келишинче тарбиялоосу маанилүү, балдар кашында көп болсо, ошончолук ийгиликтүү. ...»

Чынгыз Айтматов

КИРИШҮҮ

Азыркы мезгилде балдардын ден соолугун сактоо, алардын жашоосунун сапаты жана анын узактыгы, коопсуз чөйрөнү түзүү мамлекеттик саясаттын негизги маселелери болуп саналат. Ошондуктан, билим берүү тутумунун бүгүнкү күндөгү негизги милдеттеринин бири балдарга ден соолуктун баалуулугун жана заманбап адам үчүн сергек жашоо мүнөзүнүн маанисин түшүнүүгө жардам берүү, ез ден соолугуна карата жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруу. Бул үчүн мектепке чейинки курактагы балдар дени сак жашоо мүнөзүнүн негизги принциптерин билүүсү жана эң башкысы, аларды өзүлөрү кабыл алуусу зарыл, ал эми бул тарбиячылардын, ата-энелердин жана балдардын биргелешкен олуттуу дыкат эмгегинин натыйжасында гана мүмкүн болот.

2015-жылы Бириккен улуттар уюмунун Башкы Ассамблеясында 2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүүнүн максаттары белгиленип, анын ичинде жакшы ден соолукту сунуштоо жана сергек жашоо мүнөзүн камсыз кылуу жана бардык курактагы адамдарга жыргалчылыкка көмөктөшүү боюнча үчүнчү максат кабыл алынган.

Мектепке чейинки курактагы балдардын (5-6 жаш) гигиеналык тармакта турмуштук көндүмдөрүн калыптандыруу суроосу боюнча Мектепке чейинки билим берүү уюмунун Программалык камсыздоосунун серебин жүргүзсөк, анда эң алгач «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» Мамлекеттик стандарты (2012), «Үч жаштан жети жашка чейинки балдардын билим алуусу жана өнүгүүсү боюнча колдонмосу» (2016), «Баланы өнүктүрүү күндөлүгүнүн тиркемеси менен 0 жаштан 3 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү боюнча колдонмосу» (2016) тууралуу айта алабыз. Негиз катары «Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүүнүн Базистик (жалпы өнүктүрүүчү) программасы» (2017), «Мектепке 6-7 жаштан жалпы өнүктүрүүчү (базистик) даярдоо программасы» (2017), Парциалдык (тереңдетилген) программалар: «Өзгөчө кырдаалда мектепке чейинки курактагы баланын коопсуздугу» (2014), Мектепке чейинки билим берүү уюмуна барбаган балдар үчүн мектеп алдындагы программалар: «Наристе» (2015), «Балалык» (2017). Мектепке чейинки вариативдүү билим берүү уюмдардын автордук программалары: «Бирге чоңойобуз», «Энелер мектеби» (2017).

Бул программалык документтерде балдарды ар тараптуу өнүктүрүү, ден соолугун чыңдоо, туура тамактануусун камсыз кылуу, позитивдүү гигиеналык көндүмдөрүн калыптандыруу мектепке чейинки билим берүүчү уюмдун башкы максаты болуп эсептеле тургандыгына басым жасалат. Бала бакчада тарбиячылар балдарга сергек жашоо мүнөздүн, турмуштук көндүмдөрдүн калыптануусунун маанисин ачыктоо менен, аларды өнүктүрүүнүн үстүнөн иштешет.

Ден соолукту сактоо, чыңдоо жана бекемдөө жалпы мамлекеттик иш-чаралардан тышкары адамдын өзүнүн санитардык маданиятынын деңгээлинен көз каранды, ал өнүгүү мезгилинде профилактикалык медицина жана гигиена тармагында билимге ээ болуп, гигиена эрежелерин аткарышы керек. Гигиеналык билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр жана адаттар балдарга да, алардын айлана-чөйрөсүндөгү курдаштарын да өзүлөрүнүн ден соолугунун кызыкчылыгы үчүн үй-бүлөдөн баштап бала бакчада жашоо мүнөзүн калыптандырууга жардам берет. Ар бир бала ден соолук жеке гана

дамга тиешелүү байлык эмес, анын коомго да таасири зор, ал коомчулуктагы бардык адамдардын чыгармачылык дараметинин жана бийик социалдык активдүүлүгүнүн булагы экендигин түшүнүшү керек.

Сунушталган «Гигиена тармагында балдардын турмуштук көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү» методикалык колдонмосу 4 бөлүмдөн турат.

1-бөлүм гигиена боюнча теориялык суроолорун ачыктоого арналган.	**3-бөлүмдө** интерактивдүү ата-энелер чогулуштарынын иштелмелери жана материалдары берилген.
2-бөлүм методикалык бөлүм болуп эсептелет. Практикалык бөлүмгө даярдыктарды көрүүгө багытталган суроолордун жообун сунуштайт.	**4-бөлүмдө** мектепке чейинки курактагы балдардын (5-6 жаш) маанилүү турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууда жардам бере турган практикалык көнүгүүлөрдүн, тапшырмалардын кадамдык иштелмелери сунуш кылынат.

Колдонмо мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячылары үчүн түшүнүктүү болушу керек деген ойду негиз кылуу менен, биз суроолорду коюу жана алардын жообун сунуштоо мамилесин тандап алдык. Ар бир бөлүм суроолор менен башталат жана аларга жооп берүү менен аяктайт. Карала турган маселенин контекстинде 1-бөлүм үчүн ЖЕТИ суроону ачыктоону жана кийинки бөлүмдөрдө, суроолордун санын улам азайтууну туура таптык. Мындай мамиле колдонмонун түзүлүшүн системалуу кылууга шарт түздү. Андан тышкары, биз, чыныгы интеллектуалдуу активдүүлүк, биринчиден өзүнө суроо коюдан жана аларга өз алдынча жоопту издөөдөн баштала тургандыгына ишенебиз. Эгерде ушул колдонмо менен биз мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларында суроолорду коюу адатын жана билгичтигин өнүктүрө алсак, анда балдардын окуп-үйрөнүү процессинде сезимталдуулук, чыгармачылык сапаттарын жана турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзүлөт. Ошондой эле балдардын ачылыштарды жараткан, адамдык ойду алдыга жылдырган жөндөмдүүлүгү калыптанат.

НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

Гигиена (грекче healthyιεινός «ден соолук») – жашоонун жана эмгектин адамдын ден соолугуна тийгизген таасирин изилдөөчү жана ооруларды алдын алууга, оптималдуу жашоо шарттарын камсыз кылууга, ден соолукту чыңдоого жана өмүрдү узартууга багытталган чараларды (санитардык ченемдер жана эрежелер) иштеп чыгуучу, айлана-чөйрө факторлорунун адамдын ден соолугуна, анын эмгекке жөндөмдүүлүгүнө жана жашоо узактыгына тийгизген таасирин изилдөөчү, калк жашаган аймактарды, жашоо шарттарын жана адамдардын ишмердүүлүгүн жакшыртууга багытталган стандарттарды, талаптарды жана санитардык чараларды иштеп чыгуучу медицинанын бөлүгү.

Гигиеналык жүрүм-турум (медициналык активдүүлүк категориясынын алкагында катары да, ага көз карандысыз да) эки жол менен түшүнсө болот. Биринчи, көбүрөөк жалпы мамиле, гигиеналык жүрүм-турумду адамдын ооруларды алдын алууга, жашоо шарттарынын кадимки шарттарын камсыз кылууга, ден соолукту чыңдоого жана сактоого жана өмүрдү узартууга багытталган аракети катары аныктайт. Экинчи, көбүрөөк тар мамиле, гигиеналык жүрүм-турумду адамдын гигиеналык жана санитардык ченемдерди сактоо башкача айтканда, ден соолукка тышкы факторлордун тийгизген терс таасирин минималдаштырууга багытталган гигиеналык илим тарабынан иштелип чыккан эрежелерди жана сунуштарды сактоо боюнча аракеттери катары түшүндүрөт.[1]

Гигиеналык практикалар – ден соолукту сактоого багытталган бир катар практикалар.

Коопсуз билим берүү чөйрөсү – гигиеналык сабаттуулукту жана жүрүм-турумду камтуу менен балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн жана когнитивдик эмес турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүү жана сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу үчүн керектүү, жагымдуу жана колдоочу чөйрө.

Турмуштук көндүмдөр – күнүмдүк жашоого толук кандуу катышуу үчүн зарыл болгон көндүмдөр (таанып билүү, чечим кабыл алуу, башкалар менен өз ара аракеттенүү, сынчыл ой жүгүртүү, өзүн өзү таануу жана эмпатия ж.б.).

1 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 27-мартындагы №177, 2018-жылдын 20-июнундагы №293, 2019-жылдын 28-январындагы №25 токтомдорунун редакцияларына ылайык).

1-БӨЛҮМ. МААНИЛҮҮ ЖЕТИ СУРОО

1. ГИГИЕНА ЖАНА САНИТАРИЯ ДЕГЕН ЭМНЕ?

2. ГИГИЕНАЛЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМ, ГИГИЕНАЛЫК ПРАКТИКА ДЕГЕН ЭМНЕ?

3. ГИГИЕНАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ТАРБИЯ ДЕГЕН ЭМНЕ?

4. ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨР ДЕГЕН ЭМНЕ?

5. БАЛДАРДЫН КУРАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

6. КООПСУЗ ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ДЕГЕН ЭМНЕ?

7. ЧЫГАРМАЧЫЛЫК (КРЕАТИВДҮҮЛҮК) ДЕГЕН ЭМНЕ?

Суроолордун жоптору кийинки бетте...

1. ГИГИЕНА ЖАНА САНИТАРИЯ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Гигиена (байыркы грек. ὑγιεινή «соо», ὑγίεια «ден соолук») — медицинанын айлана-чөйрөнүн, эмгек шартынын адамдын ден соолугуна тийгизген таасирин изилдөөчү жана калктын турмуш-тиричилик шартына ылайык илимий негизделген талаптарды иштеп чыгуучу тармагы. Калктын саламаттыгы коомдук түзүлүш менен тыгыз байланыштуу. Саламаттык сактоого багытталган чаралар калкты толугу менен камтыганда гана натыйжалуу болот.

Санитария (латын тилинен sanitas «ден соолук») ар кандай ооруларды алдын алуу жана ден соолукту коргоону камсыз кылган иш-чаралардын тутуму, ошондой эле адамдардын ден соолугун чыңдоо жана сактоо максатында тарбиялоо жана окутуу, жашоо, эмгек, эс алуу жана тамактануу шарттарын оптималдаштыруусун камсыз кылган гигиеналык илим тарабынан иштелип чыккан стандарттарды, санитардык эрежелерди жана сунуштарды иш жүзүндө колдонуу боюнча иш-чараларынын комплекси.

Бул эки түшүнүк бири-бири менен тыгыз байланышта экени көрүнүп турат. Көрүнүктүү гигиенист Г.В.Хлопиндин сөзү боюнча: «Эгерде гигиена ден соолукту сактоо жана чыңдоо илими болсо, анда санитария - анын жардамы менен ишке ашкан практикалык ишмердүүлүк» (1921).

2. ГИГИЕНАЛЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМ, ГИГИЕНАЛЫК ПРАКТИКА ДЕГЕН ЭМНЕ?

Гигиеналык жүрүм-турумду (медициналык активдүүлүк категориясынын алкагында катары да, ага кез карандысыз да) эки багытта түшүнсө болот. **Биринчи багыт**, көбүрөөк жалпы мамиледе карайт, гигиеналык жүрүм-турумду адамдын ооруларды алдын алууга, жашоо шарттарынын кадимки шарттарын камсыз кылууга, ден соолукту чыңдоого жана сактоого жана өмүрдү узартууга багытталган аракети катары аныктайт. **Экинчи багыт** – көбүрөөк тар мамиледе, гигиеналык жүрүм-турумду адамдын гигиеналык жана санитардык ченемдерди сактоосу, башкача айтканда ден соолукка тышкы факторлордун тийгизген терс таасирин азайтууга багытталган гигиеналык илим тарабынан иштелип чыккан эрежелерди жана сунуштарды сактоо боюнча аракеттери катары түшүндүрөт.[2]

Гигиеналык практикалар – ден соолукту сактоого багытталган бир катар практикалар.

Гигиеналык практикалар ар түрдүү, ал бир маданиятта алгылыктуу деп эсептелсе, башка маданиятта кабыл алынбай калышы мүмкүн.[3]

Балдар гигиеналык жүрүм-турум, практикалар менен дээрлик дайыма кездешип турушат. **Биринчиден**, чоң адамдардын үйдөгү жана коомдогу жүрүм-турумун көрүп, аны үлгү катары алышат. **Экинчиден**, алар гигиена жөнүндө керектүү билимдерди бала бакчадан алышат. Гигиеналык жүрүм-турумга үйрөтүү окутуу программасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Албетте, гигиеналык практикалар менен таанышуу үчүн ««Дени сак тиштердин майрамы»[4], «Тазалык жана тартип шаарына саякат» ж.б. иш-чараларды өткөрүү процессинде дарыгерлердин атайын билдирүүлөрү орчундуу маниге ээ. Ушундай иш-чаралардын практикалык ишмердүүлүгүнө катышуудан улам балдар, кыздарды өзүнүн тишин бекемдөөгө жана ден соолугун коргоого, аны чыңдоого, ошондой эле үйдө жана класста, бала бакчада тазалыкты сактоого тартууга шыктандырууга болот. Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө таянып, ар бир гигиеналык эрежелер жеткиликтүү түшүндүрүлүп, аткарууга түрткү болушу керек. Албетте, позитивдүү гигиеналык көндүмдөрдү өркүндөтүү үчүн шарттар болушу керек - самын, тиш щеткалар, тиш пастасы, кол жуугуч каражаттар жана ушул сыяктуулар.

4 Балдарды бала бакчадагы гигиеналык практика менен тааныштыруунун мындай мисалы менен Республикалык квалификацияны жогорулатуу институтунан кесиптешибиз З.Р.Ленская бөлүштү.

Ар бир бала жеке гигиена практикасынын теменкү ченемдерин билүүге тийиш: жуунуу, тишти тазалоо, чачты тароо, кийимди таза кармоо, күндүк режимди сактоо, эртең мененки гимнастиканы жасоо жана башка. Сергек жашоо мүнезү жеке гигиена практикасын калыптандыруудан башталат. Жеке гигиена баарыдан мурда езүнүн денеси жана чачтары үчүн камкордук керүү, кийим-кече, бут кийим, тамактануу гигиенасын сактоо эрежелеринен түзүлет. Жеке гигиенанын эрежелерин сактоо кептеген жугуштуу ооруларды жуктуруп алууну алдын алат.

Изилдөөлөрдөн:[5]

Жеке адам ишке ашырган гигиеналык жүрүм-турум негизинен анын бир катар компоненттерди камтыган гигиеналык маданиятынын деңгээли менен аныкталат.

Биринчиден, бул адамдын ден соолугунун калыптанышынын жаратылышы женүнде, ден соолукка келтирилген тобокелдик факторлору, адамдын гигиена тармагында маалымдуулугунун жалпы деңгээлин же анын гигиеналык сабаттуулугун чагылдырган гигиеналык талаптар жана ченемдер женүнде билимдери.

Экинчиден, бул гигиеналык эрежелердин жана ченемдердин ездештүрүлүшүн билдирген гигиеналык билгичтиктер жана кендүмдер. Жеке гигиена тармагында, бул жакка мисалы, тишти туура жуу же колду жуу кендүмдерү камтылышы мүмкүн (айрыкча гигиеналык жүрүм-турумдун балдардын оорусуна тийгизген таасирин изилдееде).

Үчүнчүдөн, бул гигиеналык эрежелерди аткарууга шыктануу, биржагынан, гигиеналык эрежелерди бузуу менен байланышкан тобокелдиктер женүнде маалымдуулугунун деңгээли, экинчиден, ден соолуктун жеке баалуулугу менен аныкталат. Мисалы, изилдеелер керсеткендей, россиялыктардын дээрлик 40% тиштерин күнүне 2 жолудан кем жуушат (ал эми бул гигиеналык нормадан четтее болуп эсептелет). Мындай жүрүм-турумдун себеби, балким, тиштин гигиенасынын талаптары женүнде билимдердин жетишсиздигинде гана эмес, ез ден соолугу үчүн жоопкерчиликтин темендүгүнде.

5 Н.А.Лебедева-Несевра «Гигиеническое поведение в системе социальных факторов, формирующих здоровье населения». - Москва//Вопросы психологии. 2014 г.

3. ГИГИЕНАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ТАРБИЯЛОО ДЕГЕН ЭМНЕ?

Гигиеналык билим берүү жана тарбиялоо – бул калктын санитардык маданиятын жогорулатуунун теориясын жана практикасын иштеп чыккан медицинанын, мектепке чейинки педагогиканын, балдар психологиясынын, экологиянын, педагогиканын жана саламаттыкты сактоонун тармагы. Гигиеналык билим берүү жана тарбиялоо улуттук милдеттердин деңгээлине коюлушу керек. Ден соолукту жугуштуу жана сезгенүү ооруларынаЧалдыгуу тобокелине алып келүү үчүн заманбап адамдын жашоо ыргагы абдан бийик. Биз ден соолугубуз үчүн коркунуч жана тобокел менен вирустук эпидемиялар жана пандемиялар учурунда гана эмес, ошондой эле механикалык жана термелүү факторлорунун таасири (автоунаалардын кескин үн сигналдары жана дүкендерде жана кечелерде дээрлик мүнет сайын уккан жарнамалар) алдында да жолуга алабыз.

Кепчүлүк адамдар жеке гигиенанын эрежелерин сактоого тамак жегенге чейин колду жууп, ар бир тамактануудан кийин тишти жууп-тазалоо кирет деп эсептешет. Муну менен, албетте, талашууга болбойт. Бирок гигиена, чындыгында жашообуздун бардык тармактарына таралган. 3 мисал келтирип керелүчү.

1-мисал: Үйдүн санитардык-гигиеналык абалын сактоо жана башка дайыма баруучу жерлерде (бала бакчалар, мектептер ж.б.) - бул ичеги-карын тутумунун жана дем алуу системасынын саламаттыгынын кепилдиги болуп эсептелет. Бул жагынан алганда, дени сак болуу маниге ээ. Жуучу каражаттарды, аэрозолдорду, аба тазартуучу каражаттарды белгилүү бир ченемдерде колдонуу керек. Бул каражаттарды ашыкча колдонууга болбойт, анткени алар аллергияга жана бронхо-епке ооруларына алып келиши мүмкүн, айрыкча балдарда, астманын башталышына түртүү болот жана анын агымынын курчушун күчетет. Бардык жуугучтардагы активдүү заттардын кеп саны ден-соолукка зыян келтириши мүмкүн. Гигиена бардык каражаттардын ченин билген шартта ден соолукту сактоого ебелге түзет.

2-мисал: Дененин жеке гигиенасынын дагы езүнче езгечелүктерү бар. Денени жууган гельдерди кеп колдонуу менен, биз терини табигый коргонуу жендемүнен ажыратабыз жана ошону менен организмдин иммунитетин бир топ алсыратабыз.[6]

3-мисал: Гигиеналык билим берүүнүн жана тарбиялоонун дагы бир аспектиси – бул жумуш ордунун абалынын гигиенасы. Компьютерде иштееде кошумча жарык булагын орнотуу, жумуш күндүн жүрүшүнде атайын шаймандарды пайдалануу, эргономикалык баскыч топторду жана чычкандарды сатып алуу пайдалуу. Адам 45 мүнет иштегенден кийин бир аз физикалык кенүгүүлердү аткарып турушу зарыл.

6 Рыбкин А.А. «Гигиеническое воспитание и обучение» - Омск – 2015

Балдарга гигиеналык тарбия берүү

Гигиеналык тарбия берүү балдардын алгачкы жылдарынан башталууга тийиш. Мектепке чейинки куракта балдарга кептеген оорулардын топторун алдын алууга, ден соолукту коргоого жана чыңдоого багытталган билимдер берилет, гигиеналык кендүмдер жана адаттар калыптандырылат. Бардык маалыматтар бир курактан экинчи куракка акырындык менен татаалдашып берилет жана ошону менен уламалуулук принциби сакталат. Гигиеналык кендүмдердүн жана адаттардын башаламан калаптануусун алып салуу керек, анткени алар туура эмес бекемделет, ошондуктан чоң адамдар ез учурунда балага гигиеналык эрежелерди тааныштырышы маанилүү.

Гигиеналык кендүмдердүн калыптануусунун жана аларды адатка айландыруунун милдеттүү шарты болуп бардык гигиеналык эрежелерди системалуу түрде кайталоо эсептелет. Балдарды гигиенанын бардык эрежелерин системалуу түрде кайталоого демилгелее жана аларды сактоого шарттарды түзүү гигиеналык кендүмдердү калыптандыруунун жана аларды адатка айлантуунун милдеттүү шарты болуп саналат. Бул максат үчүн балага ез алдынча иш-аракеттерди камсыз кылуу маанилүү: күнүмдүк жашоодо, ойноодо, окууда, эмгектенүүде жана дене тарбия менен алектенүүде. Ошондуктан, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдарга коюлган гигиеникалык талаптар бирдей болушу зарыл. Мындан тышкары, үй-бүледе үйдүн бардык мүчелерүнүн гигиеникалык талаптарынын биримдиги принциби дагы ишке ашырылышы керек. Чоң адамдардын бала үчүн бардыгын жасоого умтулуусу гигиеналык кендүмдердүн системалуу колдонулушун бузат, демек, адат калыптанбайт.

Педагогдордун тажрыйбасынан:

Бардык гигиеналык эрежелерди жана жол-жоболорду аткаруу оң эмоциялар менен коштолушу керектигин унутпоо керек. Мисалы, баланы жуунтуп жаткан учуда, баланын кеңүлүн жыпар жыттуу самынга, кооз сүлгүге буруп, элдик ырды ырдаса болот: «Суу, суу, менин бетимди жуу...». Бул балада жуунууга оң кез карашты калыптандырат, ал езү таза болгусу келет.

Мектепке чейинки мезгилде жеке жана коомдук гигиена кендүмдерүн калыптандыруу керек: колду, бетти, денени, чачты таза кармоо, тамак ичердин алдында, жаныбарлар менен ойногондон кийин, даарат канадан чыкканда, жалпы оюнчуктарды, китептерди колдонгондо, сейилдегенден кийин самын менен колдорун жуу, бутун уктаганга чейин жуу, эртең менен тургандан жана кечинде уктаганга чейин тиштерин жуу, ар бир тамактануудан кийин оозун чайкоо. Балага кийимдерин, белмесүнде тазалыкты жана тыкандыкты сактоого, оюнчуктарды, китептерди этияттык менен кармоого, шкафтарда жана текчелерде тартипти сактоого үйретүү керек.

Гигиеналык тарбиялоо эмгек билгичтиктерин ездештүрүүгө түрткү болот, балдарды эрте жаштан баштап, аларды жумушка даярдап, тааныштырат: алар ездерү керебетин, оюнчуктарын, столун тазалап, белмедегү тартипти жана тазалыкты сакташат. Мектепке чейинки курактагы балдар гигиеналык тыюуларды бекем ездештүрүшү керек: оозуна ар кандай буюмдарды, оюнчуктарды салбоо керек, жууп-тазаланган жер-жемиштерди гана жесе болот; жерге түшкен тамакты жебе; жайында белгисиз чептердү, бадалдан чыккан мемелердү жесе болбойт; уктап жатканда баланы башы менен жууркан менен жабууга болбойт, анткени ал таза аба менен эмес, езүнүн буусу менен дем алат; уктаар алдында күнүмдүк ич кийимдерди чечип, түнкү кийимдерди кийүү керек, бир гана жагында же «бүрүшүп» уктабай, теш, омуртка, баш сеектүн деформациясын алдын алуу үчүн.

Эркин абалда чалкалап жатканы эң жакшысы. Эртең менен, бала ойгонуп, тешекте кепке жатпашы керек, ал дароо туруп, эртең мененки кенүгүүлердү жасашы керек.

Мектепке чейинки курактагы балдарга кир кол, жуулбаган жашылча-жемиштер аркылуу адамдан адамга жугуучу оорулар женүнде негизги маалыматтар берилет.

Ден соолуктун ачкычы – баланын күнүмдүк планын аткарышы. Балдар үчүн режимдин жаш курагына керектигин түшүндүрүп берүү, алар каалабастык менен аткарган режим процесстерине (ойноп бүткенден кийин, ез убагында уктоо, эртең мененки кенүгүүлердү жасоо, ден соолугун чыңдоо жол-жоболорун жүргүзүү ж.б.) позитивдүү мамиле кылуу маанилүү. Бала бакчада калган акыркы жылы окуучулар мектеп окуучусунун күнүмдүк жашоосу менен таанышышат.

Гигиеналык тарбиялоо балдардын эрк, тартипти сактоо жана башка мүнездегү жакшы инсандык сапаттарды енүктүрүүгө жардам берет.

Мектепке чейинки уюмдун жетекчилери билим берүү процессинде, биринчи кезекте балдардын ден соолугун коргоону жана чыңдоону камсыз кылууну уюштурушат. Алар мектепке чейинки уюмдарында балдарды тарбиялоо жана енүктүрүү үчүн керектүү гигиеналык шарттарды түзүшет. Алардын милдеттерине балдардын туура тамактануусун, таза абада болуусун уюштуруу, күнүмдүк режимин туура сактоо, ден соолугун чыңдоо жол-жоболоруна катышуу кирет.

Педагогдордун тажрыйбасынан:

Кепчүлүк учурда тарбиячылар балдарды гигиеналык тарбиялоо менен алектенишет. Дидактиканын жана мектепке чейинки педагогиканын методдорун колдонуу менен, алар балдардын гигиеналык кендүмдерүн калыптандырышат, илимий-гигиеналык маалыматтарды беришет. Тарбиячылардын ишинин маанилүү жетишкендиги болуп балдарды бар гигиеналык түшүнүктердүн жана калыптанган кендүмдердүн негизинде ез аракеттерин талдоого үйретүү эсептелет. Бул үчүн, эгер кендүм бар болсо, анда эмне кылуу керектиги женүнде балдарга түзден-түз керсетме бербесе деле болот. Мисалы, балдарга оюн бүттү, 10 мүнеттүн ичинде түшкү тамактануу же уктоого даярдануу деп айтса болот. Балдар ездерү кол жууп же тешекке даярдануу убактысы келди деп болжошу керек. Мындай ыкма бекемделген кендүмдүн аң-сезимдүү колдонулушун жакшы ачып берет.

Гигиеналык тарбиялоо сааттарын еткерүүде тарбиячылар жана мугалимдер мектепке чейинки курактагы балдардын езгече кабылдоосун жана ой жүгүртүүсүн эске алып, оюндарды, сейилдеенү, гигиеналык темалардагы сүрет китептерин, плакаттарды колдонуп, балдардын түшүнүүсүн камсыз кылышы керек.

Тарбиячылар ата-энелер менен байланыш түзүп, балдарды гигиеналык жактан тарбиялоого талаптардын биримдигин камсыз кылышат.

4. ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨР ДЕГЕН ЭМНЕ?

«Балдарга жалпы адамзатты таануу боюнча көбүрөөк билим бергиле, бирок, алардын баарын улуттук көрүнүштөр аркылуу тааныштырууга аракеттенгиле».

В.Г. Белинский

Кыргыз элинде байыртадан бери салт бар; үйдүн ичине жашы улуу адам кирген сайын олтургандардын баары ордуларынан турушуп, орун сунуш кылышат. Буга балдарды жаш кезинен баштап үйретүшет. Жашы улуу, бирок тааныбаган адам менен жолугушуп калса, кичүүсү озунуп салам берет, керек болсо, жардам берүүгө даяр экендигин билдирүүсү керек. Эгерде үйдүн жанынан аксакал адам етүп калса, үй ээси аны барчу жерине чейин жеткирип коюусу керек. Адегенде аны чакырып, кымыз же ысык чай берет. Андан кийин узатат же балдарынын бирин кошуп берет. Бул тапшырманы аткаруу менен балдар жакшы иш кылып, чоңдордун алкышын угушат. Бул салт азыркыга чейин сакталып келе жатат, айрыкча тоолуу жерлерде.

Кыргыз элинде тарбиялык салттарды ездештүрүүгө турмуштун езү түрткү берген. Турмуш муктаждыктары практикага жакын, түшүнүктүү жана керсетмелүү таанып билүүнүн максаттарын да аныктап турат. Мисалы, «***Жакшы, даамдуу тамактангың, таза жана кооз кийингиң, жашагың, урматка ээ болгуң келеби?*** Малды таза, жакшы багууну, үйдү таза тутууну, чыдамдуу, ак ниет, меймандос болууну үйрен» деп насаат берилет.[7]

Билим берүүнүн социалдык жактан маанилүү милдеттеринин бири – окуучуларды бардык татаалдыгы, түшүнүксүздүгү жана маалыматтык байлыгы менен заманбап жашоого даярдоо. Коомдун алдында орчундуу чечилбей турган кейгей турат: стандарттуу эмес шарттарда алган социалдык тажрыйбаны ийкемдүү жана ез алдынча пайдалана алган, ийгиликтүү иш алып барууга жендемдүү чыгармачыл активдүү инсанды кантип калыптандыруу керек? Ушуга байланыштуу, азыркы жаш муун үчүн

коомдук тажрыйбанын кайсы компоненттери маанилүү экендигин жана аларды билим берүү процессинде кантип калыптандырууга боло тургандыгын түшүнүү зарыл болууда. Заманбап педагогикалык теорияда жана практикада «турмуштук кендүмдер» (life skills) деген термин жакында кеңири колдонула баштады. Сездүктер теменкүдей аныктама беришүүде:

1) ***Турмуштук көндүмдөр*** - адамдын коомдо толук кандуу мүче катары жашап кетүүсү үчүн зарыл болгон бардык кендүмдер жыйындысы.
2) ***Турмуштук көндүмдөр*** – адамдарга күнүмдүк турмуштагы кейгейлердү натыйжалуу чечүүгө жана кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүндүк берген оң жүрүм-турумдарды ыңгайлаштыруу жана практика жүзүнде колдонуу. КР саламаттыкты сактоо жана социалдык енүктүрүү министрлиги
3) ***Турмуштук көндүмдөр*** – бул күнүмдүк турмуштагы окуяларды жана чакырыктарды натыйжалуу жеңүүгө жардам бере турган жендемдүүлүктер жана жүрүм-турум. Бул башкалар менен ез ара аракеттенүүден баштап, эмоцияны аныктоого жана иштетүүгө чейинки бардык нерселерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берген кендүмдер.
4) ***Турмуштук көндүмдөр*** – бул кеңири категория, анткени сиздин жашооңузда пайдалуу болгон бардык билгичтиктерди турмуштук кендүмдер деп эсептесек болот. Адамдын маданиятына жана жаш курагына жараша талап кылынган турмуштук кендүмдер да ар башка.
5) ***Турмуштук көндүмдөр*** – бул езү менен езү конструктивдүү баарлашуу, башкалар менен баарлашуу жана коомдун жашоосунда активдүү катышуу жендемдүүлүгү.
6) ***Турмуштук көндүмдөр*** езүне адамдарга негиздүү чечим чыгарууга, кейгейлердү чечүүгө, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө, натыйжалуу баарлашууга, дени сак мамилелерди түзүүгө, эмпатияга, жашоо кейгейлерүн башынан еткерүүгө жана сергек жана жемиштүү жашоо образын жүргүзүүгө жардам берүүчү психологиялык-социалдык компетенциялардын жана инсан аралык баарлашуу кендүмдердүн тобун камтыйт. Турмуштук кендүмдер жеке же башка адамдарга карата аракетке, ошондой эле ден соолук үчүн аны жагымдуу жана коопсуз кылуу үчүн айлана-чейренү езгертүү боюнча аракетке багытталышы мүмкүн. Дүйнелүк ден соолук уюмунун «Ден соолук үчүн керектүү кендүмдер» колдонмосу

Аныктамалардан турмуштук кендүмдер – бул кеңири категория, анткени адамдын турмушундагы пайдалуу болгон бардык кендүмдердү турмуштук катары караса боло тургандыгы тууралуу тааныштык. Белгилеп кетүүчү нерсе, турмуштук кендүмдер адамдын маданиятына, жаш курагына жараша езгерүп турат жана бул күнүмдүк жашоодогу окуялар жана чакырыктар менен натыйжалуу алектенүүгө жардам берген жендемдүүлүк жана жүрүм-турум.

Турмуштук кендүмдер тууралуу сез кылганда үч бири-бирин толуктаган (езүң менен жашай билүүден тартып башкалар менен, коомдо жашоо үчүн мүмкүнчүлүк берген кендүмдер) кендүмдердү калыптандыруу жана енүктүрүү маанилүү экендигин аныктоо керек.

1-схема.

А. Өзүң менен жашай билүүгө көндүмдөр – Бул түшүнүк өзүнө сөзимдөрди түшүнүү жана өзү жөнүндө кам көрүү жөндөмдүүлүгүн камтыйт, анткени бул башка адамдар жана бүтүндөй коом менен конструктивдүү диалог үчүн негиз болуп саналат.

Б: Башкалар менен жашай билүүгө көндүмдөр, инсан аралык көндүмдөргө тиешелүү. Эмпатия, кызыгууларды жактоо жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, баш тартуу жана ишендирүү сыяктуу көндүмдөрдүн өнүгүүсү балдардын баарлашуусуна мүмкүнчүлүк бөрүү үчүн абдан маанилүү. Мындай көндүмдөр мамилөлөрди түзүүгө, ошондой эле сактоого жардам бөрөт жана позитивдүү жанаша жашоого көмөктөшөт.

В: Коомдо жашоо үчүн көндүмдөр дүйнө менен өз ара аракеттенүүгө тиешелүү. Коомдо багыт алуу, түшүнүү жана дөн соолук жана жыргалчылык үчүн тоскоол боло турган маалыматтарды сынчыл баалоо.

ЖЕТИ МЫКТЫ ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨР. АЛАР КАЙСЫЛАР?

«Жети адамдын бирөө кыдыр»

«Жети өлчөп бир кес»

Кыргыз макалдары

Ар бир мектепке чейинки билим берүү уюмдар ез тарбиялануучуларынан калыптануусун каалаган турмуштук кендүмдер бар. Тарбиячылар окуп-үйренүү процессинде балдар кездешкен жалпы кейгейлердү чече алуусун каалашат, ушул учурда алардын калыптанган турмуштук кендүмдерү жардамга келет. Биз гигиена тармагында маанилүү боло турган ЖЕТИ турмуштук кендүмдердү, чоң турмуштук кендүмдердүн тизмесинен тандап алдык.

Жалпы окуп-үйренүү процессинде ЖЕТИ турмуштук кендүмдү енүктүрүүге багыт алуу алардан күтүлүүчү натыйжаларды аныктоого, ата-энелер менен кызматташууда балдарында калыптанган кендүмдердү мисал келтирүүге, ар бир балада ушул ЖЕТИ турмуштук кендүмдердүн енүккенүнүн ачык-айкын мисалын керсете алууга жардам берет.

1. ТААНЫП БИЛҮҮ

Эгер биз инсанды калыптандыруу суроосуна токтолсок, анда бул процесс мектепке чейинки курактан башталат, ал эми баланын енүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү – анын муктаждыктары болуп эсептеле тургандыгы тууралуу айта алабыз. Кайсы муктаждыктар эң маанилүү? **Биринчиден**, баарлашууга болгон муктаждык, баарлашуу менен балдар социалдык тажрыйбаны ездештүрүшет; **экинчиден**, тышкы таасирлерге жана демилгелееге болгон муктаждык, мунун натыйжасында балдарда таанып-билүү жендемдүүлүктерү енүгет; **үчүнчүдөн**, кыймылга болгон муктаждык – бул ар түрдүү

билгичтиктердин жана кендүмдердүн бүтүндей системасына ээ болууга алып келет. Кабыл алуу, кеңүл буруу, эс тутум, элестетүү, сүйлее, ой жүгүртүү – психикалык таанып билүү процесстери, алардан окууга каалоо жана билгичтик калыптанат. Кепчүлүк балдарда таанып-билүү кызыгуусун табияттан түптелген табигый процесс. Мектепкө чейинки кураста, изденүүчү балдар кебүнче ездерү үчүн кандайдыр бир жаңы нерсени ачууну аябай каалашат.

2. КИТЕП ОКУГАНДЫ ЖАНА ОКУП-ҮЙРӨНҮҮНҮ СҮЙҮҮ

Окуп-үйренүүнү сүйүү кайдан башталат? Кичинекей бебекке күн сайын китеп окуп берүүден башталат, ата-энелер, чоң аталар, чоң апалар, эжелер, байкелер күнүгө 15 мүнет убакыт белүп китеп окуп беришсе, анда окуп-үйренүүгө сүйүүнүн пайдубалы түптелдү деп айта алабыз. Андан сырткары, бул биздин балдарыбызга бере ала турган эң улуу белегибиз болуп саналат. Сабаттуу сүйлеген жана сабаттуу жазган адамдын жетишкендиктери, ийгилиги арбын болорун, чоң адамдардын балдар менен сүреттүү китептерди окуп берүү аркылуу сүйлешүүсү мектептеги окуунун ийгиликтүү болушуна алып келе тургандыгын илимий изилдеелер керсетет. Кичинесинен тартып үн чыгарып окуганды уккан балдар китеп окууну ийгиликтүү ездештүрүшет, ал эми басылып чыккан текстер менен эрте таанышуу сабаттуу жазуу кендүмдерүн енүктүрүүгө түрткү болот.

Бул кызыктуу!!!

Заманбап окумуштуулар бала төрөлгөнгө чейин эле, мээнин клеткалары бат көбөйө тургандыгын далилдешти. Төрөлгөн учурда бала 100 миллиард мээ клеткаларына – нейрондорго ээ болот! Бул клеткалардын айрымдары туулган учурда өз ара байланышта болот. Бул байланыштар мисалы, жүрөктүн кагышын, дем алууну жөнгө салат. Анткени менен мээдеги байланыштардын көп бөлүгү туулгандан кийин бала сырткы дүйнөдөн алган маалыматка жооп катары калыптанат. Балага китеп окуп берип, аны менен сүйлөшүп, ойногон учурда мээнин өнүгүшү тездейт.

3. БАШКА БАЛДАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Улуу педагог К.Д.Ушинский айткан экен «Бала оюнда кандай болсо, жашоодо дагы ошондой» деп. Бул ой езүнүн актуалдуулугун жогото элек, себеби заманбап дүйне да ез мезгилине ылайык маанилүү сапаттардын калыптануусу мектепке чейинки билим берүү системасынан баштап оюн аркылуу калыптана турагандыгын ачыктан ачык белгилейт. Командада иштей алган балдар болот, иштей албагандар болот, ез алдынча ойногонду жакшы кергендер бар, лидер балдар, кыздар бар, кээ бирее китеп окуганды, кээ бирее сүрет тартканды жакшы кергендер бар, айтор балдар заманбап дүйне кеп түрдүү экендигин дагы бир жолу айгинелешет. Ушундай шартта билим берүү системасында кызматташуу жалпы максатка айланып, адамдарды бардык айырмачылыктары жана жеке езгечелүктерү менен кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жогору коюлуп, балдарды толеранттуулукка тарбиялоого, ар кандай кез караштардын бар болушун эске алууга даяр болууга үйретүү башкы орунда болууда. Балдардын жакынкы чейресү: ата-энелер, мугалимдер, тарбиячылар тарбиялоо процессинде эң чоң үлгү керсетүүчү адамдар. Эгер алар боорукердик, жардам бере билүү сапаттарын чын дили менен керсетүшсе, анда балдар башкаларга болгон мамилесинде ушул сапатты калыптандырышат. Балдарга жүрүм-турумдагы үлгү, модель гана керек, алар керүшет, кергенүн жасашат. Оң сапаттарды керсе, оң сапаттар калыптанат. Бул балдарга каалоо менен муктаждык ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүүгө жардам берет.

4. ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУ

Чейрену таанып-билүүде чыр-чатактар болбой койбойт, аларсыз енүгүү мүмкүн эмес. Бирок балдарды мындай кырдаалдарда сабырдуулукка тарбиялоо абдан маанилүү. Аларга тыным жасоого, бардык «оң» жана «терс» далилдерди салмактоого, «эмне үчүн?» деген суроолорду берүүгө түрткү болуу керек. Жыйынтыгында, ал адамга эмес, кейгейге кенүлүн топтоого тарбияланат жана ачууланууу, кыжырдануу сыяктуу терс эмоцияларды кеземелдееге жеңил үйренет.

5. СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

Ар бир ой баалуу, ар бир адамдын оюу бар экендигин үйретүү, тарбиялоо – билим берүү системасынын милдеттеринин бири жана сынчыл ой жүгүртүү кендүмүнүн енүккенүнүн керсеткүчү. Кичинекей бала езүн инсан катары сезиши үчүн анын оюу угулушу керек, ага сез берилиши керек: «Кана, Айгүл, айтсаң, сен кантип ойлойсуң» ж.б., жана мындай иш ырааттуу жүргүзүлүшү керек. Өзүнүн оюн так айтуу, аны жактай алуу бул эң маанилүү, баалуу кендүмдердүн бири, эрте калыптанса, ошончолук жакшы ийгиликке жетише тургандыгын изилдеелер керсетүшет. Ката кетирбестен бир нерсеге үйренсе болобу? Ар бир адам ката кетирет, кетириши керек, бирок ката кетиргенден кийин аны таанып, мен ката кетирдим, аны оңдошум керек деген ойлорду айтуу сынчыл ой жүгүрткен адамдардын колунан келе турган иш. Балдарды езүлерүнүн катасын кере алганды, анын үстүнен иштееде башка кез караштарды уга алышына тарбиялоо маанилүү. Бул тарбиялоо процессинин маанилүү белүгү.

6. ӨЗҮН ӨЗҮ ТААНУУ

Ар бир адам емүрүнде жок дегенде бир жолу езүне суроо берет болуш керек: «Мен киммин?», «Мен кандаймын?», «Менин жашоомдун маңызы эмнеде?». Бул татаал философиялык суроолорго ар тараптуу адамдар ар түрдүү жооп беришет: биреелер бул суроолорго жооп таба алышпайт; экинчилер ездерүне деталдуу мүнездеме берүү менен, жашоосунун жана ишмердүүлүгүнүн багыттарын жана перспективаларын түшүнүүгө аракеттенишет; үчүнчүлер, берилген суроолорго жооп беришет, бирок ез жоопторуна канааттанышпайт. Бул суроолордун берилиши эле маанилүү, анткени адамдарда жаныбарлардан айырмаланып езүн езү таануу муктаждыгы бар. Чыныгында, биздин ички дүйнебүз – космос сыяктуу чексиз аалам. Кепчүлүгүнде биз анын жашырылган сырлары менен таанышпастан, тааныбастан жашай беребиз. Мына ошондуктан, адамзаттын тарыхынын жүрүшүнде езүн езү таанууга кызыгуу дайыма сакталып келет. Адамдардын дүйнеге, айлана-чейреге болгон кызыгуусу түгенбесе, ал ошол бойдон эле кала берет.

Өзүн өзү тануу деген эмне? Бул езүн езү, езүнүн дараметин жана актуалдуу касиеттерин, инсандык, интеллектуалдык езгечелүктерүн, мүнезүнүн сапаттарын, езүнүн башка адамдар менен болгон мамилесин таануу процесси.

Изилдеечүлердүн адамдардан езүңүздү мүнездеп бериңизчи деген суроосуна («Сиз езүңүз женүнде эмне билесиз?»), таң калыштуу жооптор алынган, себеби ете жалпыланган жана абдан аз мүнездеме берилген. Мисалы, «Мен акылдуумун, боорукермин, адилеттүүмүн, башкалар менен мамиле түзе алам». Кичинекей балдар дагы ушундай эле жооп беришет. «Мен жакшымын», «Мен чоңмун», себеби алар ата-энелеринин айткандарын кайталашат.

Бул кызыктуу!!!

Чакан маданий коомдордо жашаган билимсиз адамдар үчүн ездерүн баалоо жана мүнездеме берүү кыйынга турат. Белгилүү психолог А.Р. Лурия XX кылымдын 30-жылдарында Орто Азияда жашаган адамдардын психологиялык езгечелүктерүн изилдееде кызыктуу натыйжаларды алган. Психологдун езүңердү баалагыла деген суроосун кепчүлүк адамдарга түшүнүү татаал болгон, кептен кийин эмне талап кылганын түшүнгенде, алар: «мен женүнде кошуналардан сурагыла, алар жакшыраак билишет» — деп жооп беришкен.

Жогорку маданияттуу жана билимдүү адамды «өзүңдү тааны» деген ой олуттуу ой жүгүртүүлерге алып келет, дагы башка жаңы суроолорду пайда кылат.

7. ЭМПАТИЯ

Эмпатия – адамдын езүн башка биреенүн ордуна коюу жендемдүүлүгү, анын сезимин, каалоосун, идеяларын, аракеттерин, жакындарга оң мамиле кылуусу, аны менен окшош сезимдерди башынан еткерүү, анын учурдагы эмоционалдык абалын түшүнүү жана кабыл алуу. Эмпатиянын енүгүүсү үч компонентти камтыйт: таанып-билүүчүлүк (мен башка адам бул кырдаалда эмнени сезе ала тургандыгын билем); эмоционалдык (мен аны менен бирге сезем); жүрүм-турумдук (мен башка адамдын сезимине чагыла турган, эмоциялык абалын жакшыртуучу кандайдыр бир нерсени аткара алам). Эмпатия жогорку эмоционалдык сезимталдыкты гана эмес, түшүнүүнүн жогорку деңгээлин да божомолдойт. Бала чоң кишинин эмпатиясын керет жана аны туурайт.

Кыргыз элинде бекеринен биринчи байлык ден соолук деп айтпаса керек, Чың ден соолук тазалыкты сүйет, ал эми тазалык бул жашоо. Балдар таза, ден соолугу чың жана бактылуу болсо, айланадагылардын бардыгы бактылуу болот. «Тазалык — эң сонун сулуулук; тазалык — ден соолуктун кепилдиги» — дейт элдик акылмандык. Балдар жеке гигиенанын негиздерине мектепке чейинки курактан баштап үйренүшү керектигин изилдеелер тастыктап, стандарттар бекитилүүде. ЖЕТИ тандалган турмуштук кендүмдер универсалдуу, ошондуктан аны бардык тармактарда, биздин контексте — гигиена тармагында енүктүрсе болот.

5. БАЛДАРДЫН КУРАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Окуучулардын гигиена тармагында турмуштук кендүмдерүн мектепке чейинки курактан тартып мектепти бүткенге чейин калыптандыруунун жана енүктүрүүнүн езүнче айырмачылыктары бар. Мында, алгач, балдардын сезимталдуулугу, ийкемдүүлүгү, чыгармачылык (креативдүүлүк), сынчыл ой жүгүртүү кендүмдерү эске алынат. Ушул жагдайды үй-бүледегү жана мектептеги тарбия ишин жолго коюуда сезсүз эске салуу керек. Анткени кептеген тарбиячылар, ата-энелер балдардын ушул курактык езгечелүктерүн эске албай алардын турмуштук кендүмдерүн калыптандырууну, гигиена тармагына байланыштуу идеялар менен тааныштырууну жогорку класстарда гана жакшыраак түшүнө башташат деген ойлору тарбия ишин башка нукка бурат. Мына ошондуктан, биринчиден, балдардын курактык езгечелүктерүн талдоо

менен окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу окуучулардын мыкты жетишкендиктерин шарттайт. Экинчиден, гигиена тармагында турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы куракта башталса, алар мектепти аяктагыча оң таасирдин астында болуп, балдардын мүнезүнде оң адаттарды бекемдеө бир топ жеңил.

Балдардын жаш курагынын езгечелүктерүн караганда биз «Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды окутуу жана енүктүрүү» боюнча колдонмонун материалдарын колдоно алдык. Бул колдонмо балдарды тарбиялоонун жана окутуунун мазмунуна, балдардын енүгүү деңгээлине коюлуучу минималдуу ченемдердин жана талаптардын системасын камтыйт. Ошондой эле, колдонмо балдарды окутуунун жана енүктүрүүнүн курактык керсеткүчтерү боюнча зарыл маалыматтардын концепциялык жыйындысын сунуштайт. Балдардын курактык жаш езгечелүктерүн кароодо биз турмуштук кендүмдер жана гигиена компоненттерин кароого артыкчылык бердик.

5-7 ЖАШТАГЫ БАЛДАР

СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ

ТАРМАК	КОМПОНЕНТ	5-СТАНДАРТ
Социалдык енүктүрүү	Турмуштук кендүмдер жана социалдык ролдорду жана жүрүм-турум ченемдерин ездештүрүү	Бала ез алдынча тейлее жана кеземелдее билгичтиктерин жана кендүмдерүн керсетет
• Өз алдынча кийинет жана чечинет. • Боону байлайт. • Идишке суюктукту ез алдынча куят. • Үйдегү тиричилик техникасын уруна билет (телефон чалуу, телевизорду иштетүү ж.б.). • Өз белмесүнде (бурчунда) тазалыкты жана тартипти сактайт, кийимди кылдат бүктейт же илет.		

СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ

ТАРМАК	КОМПОНЕНТ	6-СТАНДАРТ
Социалдык енүктүрүү	Турмуштук кендүмдер жана социалдык ролдорду жана жүрүм-турум ченемдерин ездештүрүү	Бала коркунучтуу буюмдар же кырдаалдар женүндө билгендерин керсетет жана алардан алыс болууга умтулат
• Жолдон етеерден мурда анын эки жагын карайт. • Бейтааныш адамдарга адекваттуу мамиле кылат: бейтааныш чоң кишини коштоп кетүүгө болбостугун билет, анын сездерүне да, сунуш кылган сыйына да кеңүл бурбайт ж.б. • Өзгече кырдаалдар (ерт, суу ташкындоо, сел, жер титирее) бар экендиги жана алар келип чыкканда жүрүм-турумдун негизги эрежелери женүнде билет.		
• Ойноо үчүн коопсуз жерлерди тандайт (келмеден, жолдун машина жүрүүчү белүгүнен, жогорку чыңалуудагы линиялардан алыс). • Жүрүм-турумдун айрым формалары (мисалы: тамеки чегүү) ден соолукка зыяндуу экенин түшүнет.		

СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ

ТАРМАК	КОМПОНЕНТ	7-СТАНДАРТ
Социалдык енүктүрүү	Турмуштук кендүмдер жана социалдык ролдорду жана жүрүм-турум ченемдерин ездештүрүү	Бала үйде, бала бакчада, социалдык чейреде жүрүм-турумдун негизги эрежелерин билет жана аларды сактайт

- Салтка айланган меймандостук эрежелерин билгенин керсетет: саламдашат, коштошот, улууларга орун берет, «ыракмат», «кечирип коюңуз» деп айтат.
- Улууларга сый мамиле кылат.
- Балдар бакчасында, мейманда жана коомдук жерлерде жалпы кабыл алынган жүрүм-турум эрежелерин сактайт.
- Бетен буюмду, оюнчукту алаар алдында уруксат сурайт.
- Оюнда кезектүүлүктү сактоо эрежесин түшүнет.

СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ

ТАРМАК	КОМПОНЕНТ	8-СТАНДАРТ
Социалдык енүктүрүү	Турмуштук кендүмдер жана социалдык ролдорду жана жүрүм-турум ченемдерин ездештүрүү	Бала гигиеналык кендүмдерүн оюндарда, баарлашууда керсетет

- Эскертпестен колун самындап жууйт (ажатканадан кийин жана тамак ичээр алдында), колун сүлгү менен кургак сүртет.
- Өзүнүн тышкы керүнүшү тыкан жана таза экенине езү кез салат.
- Таза идишти жана гигиенанын жекече каражаттарын гана пайдаланат (тиш щетка, сүлгү, тарак).
- Шашылыш кызматтарынын телефон номерлерин билет (101, 102, 103, 112).
- Таза сууну гана ичүү керектигин билет.

6. КООПСУЗ ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Балдардын ден соолугу елкенүн билим берүүсүнүн сапатын керсетет. Тарбиялоо процессинин ийгиликтүүлүгү жана баланын туура енүгүүсү комфорттуу жана коопсуз енүктүрүүчү чейресүнде гана жүрет.

Коопсуздук – адамдын енүгүүсүнүн ачкычы. Эгерде адам езү жашаган чейренүн коопсуздугуна кезү жетсе, анда ал езүн ыңгайлуу сезет жана ошого жараша езүн езү енүктүрүүгө жана езүн езү ишке ашырууга түрткү болгон шарттарды түзүүгө кадам шилтейт.

Билим берүү уюмунун коопсуздугу – бул тарбияланууучулардын жана кызматкерлердин емүрүн жана ден соолугун мүмкүн болгон кырсыктардан, ерттерден, авариялардан жана башка езгече кырдаалдардан билим берүү уюмунун материалдык баалуулуктарын сактоо шарттары.

Билим берүү уюмунун коопсуздугу – бала бакчанын чыныгы жана техникалык абалын, тарбиялоо процессин уюштуруу шарттарын, криминалдык жана техногендик кырдаалды, табигый аймакты, террордук актыларды алдын алуу, бегет коюу жана кесепеттерин жоюуну эске алуу менен балдарды жана мүлктү ички жана тышкы коркунучтардан коргоо үчүн уюмдун администрациясы жана мамлекет тарабынан керүлген чаралардын системасы.

Мектепке чейинки билим берүүчү уюмунун башкы максаты – балдардын жана кызматкерлердин емүрүне, саламаттыгына, алардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына улуттук мыйзамдарды аткаруу.

«Кыргыз Республикасында жарандардын ден соолугун коргоо женүнде» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 99-беренесине ылайык «билим берүү уюмдары балдардын жана окуучу жаштардын ден соолугун коргоо жана чыңдоо боюнча шарт түзүүгө, окуу-эмгек жүктемүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын иштее режимин аныктоого милдеттүү».[8]

Эң алгач, чейре түшүнүгүн тактап алалы. *Чөйрө деп, эң башкысы, өзгөчө тарбиялоо атмосферасын, тарбиячы жана балдардын ортосундагы карым-катнаш стилин, натыйжалуу жана толук кандуу ишмердүүлүк үчүн керек болгон мейкиндиктин өзгөчө уюштурулушун түшүнөбүз.*

Коопсуз өнүктүрүүчү чөйрө – инсанды окутуу, тарбиялоо, өнүктүрүү үчүн позитивдүү, эмоционалдык шарттарынын топтомун, ишмердүүлүк жана билим бөрүү процессинин ар бир катышуучусуна психологиялык-физикалык коопсуздугунун ченемдерин жана укуктарын сактоого кепилдигин болжолдойт.

Коопсуз енүктүрүүчү чейресү езүне бир нече аспекттерди камтыйт:

1) психологиялык / социалдык коопсуздук (укугунун чектелбеши, зордук-зомбулуксуз,толеранттуу чейре);
2) физикалык коопсуздук (коопсуз имараттар, анын ичинде езгече кырдаалдардагы коопсуздук, окутуу үчүн жабдуулар ж.б.);
3) экологиялык коопсуздук (жакшы гигиеналык шарттар, таза аба, суу, санитария, канализация, пайдалуу тамак-аш, жарыктын жогорку сапаты, ыңгайлуу температура, туура желдетүү, энергоэффективдүүлүк, бакчылык ж.б.).

Коопсуз енүктүрүү чейресүн түзүүде теменкүлердү эске алуу керек:

- мектепке чейинки билим берүү уюмдарында окутуу, тарбиялоо, енүгүү процессинин катышуучуларынын ез ара аракеттенүүсүнүн езгечелүктерү;
- мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо жана енүктүрүүнүн стратегиялары жана технологиялары;
- мектепке чейинки курактагы балдарды коштогон технологиялар.

7. ЧЫГАРМАЧЫЛЫК (КРЕАТИВДҮҮЛҮК) ДЕГЕН ЭМНЕ?

Чыгармачылыктын табияты дагы деле табышмак бойдон калууда. Окумуштуулар бизге эки гипотезаны сунуш кылышууда, алардын ар биринде чындыктын даны орун алган. Биринчисин алсак - чыгармачылык - бул тукум куугуч белек, экинчи идея - чыгармачылык ДНКнын түзүлүшүнен эмес, бала тарбияланган маданияттан, айлана-чейреден, жалпы жашоо атмосферасынан кез каранды.

Чыгармачылык (креативдүүлүк) – бул аныктоо үчүн татаал сез. Биз «Бул чыгармачылык!» деп качан айтабыз? Адам кандайдыр бир адаттан тыш, ошол эле учурда орчундуу жана пайдалуу нерсе жасаса айтабыз. Ошондуктан, чыгармачылык процесстин езү катары эмес, процесстин натыйжасы аркылуу аныкталат. Чыгармачылыкты аныктоонун татаалдыгы адамдардын «адаттан тыш», «жакшы» жана «пайдалуу» деп эмнени айтууда кез караштарынын дал келбестиги жана бул түшүнүктер абдан шарттуу болгону менен байланыштуу. Кандайдыр бир ишмердүүлүктүн натыйжасы же идея чыгармачыл деп табылышы үчүн, эң алгач, айланадагы адамдар аны «адаттан тыш», «жакшы» жана «пайдалуу» деп табышы керек.

Америкалык психолог Говард Гарднер чыгармачылык түшүнүгүне аныктама берүүдө дагы бир шартты кошкон. Анын оюу боюнча, чыгармачыл адам сезсүз үзгүлтүксүз чыгармачыл тапшырмаларды аткарып жана чыгармачыл продуктыларды жаратышы керек. Бул кошумча шарт чыгармачыл процесстен «ийгилик» түшүнүгүн алып салат, анткени күтүүсүз жана чанда кездешүүчү аракеттер натыйжаны белгилееде эске алынбашы керек. Бирок кандай гана аныктаманы албасак дагы, биз бардыгыбыз чыгармачылыкка муктажбыз жана аны менен тигил же бул деңгээлде алектенебиз. Чыгармачыл ишмердүүлүк биздин жашообузду жагымдуураак кылат, чыгармачылыктан искусство жаралат, ансыз биз бир дагы илимдеги есүүнү байкай албайбыз. Биз кагаз барагын алып, татаал ойду жаратып, таза баракты толтурган учурда чыгармачылык

менен алектенип жатабыз деп айтсак болот. Эгерде Сиз ушундай ишти натыйжалуу жана адаттан тыш кылсаңыз, анда Сизди чыгармачыл адам деп айтууга толук укук бар.

Эмесе чыгармачылыкка берген бир нече аныктамага кенүлүбүздү буруп керелүчү, ар биринде кандайдыр бир нерсени жаратуу тууралуу ой бекемделип берилүүде: **Чыгармачылык (креативдүүлүк) деген эмне?** Бул чыгармачыл түшүнүктүн деңгээли, принципиалдуу жаңы идеяларды жаратуу жендемдүүлүгү, оригиналдуулук жана каада-салттардан алыстоо.
Чыгармачылык – бул акыл-эс ишмердүүлүгүнүн бир түрү, ар кандай куракта жана күтүлбеген жол менен езүн керсете алган чыгармачыл багыт. Ар бир адам, жаш курагына карабастан, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн еркүндетүп, кырдаалга жаңы кез караш менен карап, оңой жана ийкемдүү идеяны езгерте алат.
Чыгармачыл (креативдүү) ой жүгүртүүсү менен адам чечимдердин бардык варианттарын жана алардын максатка жетишүүгө тийгизген таасирин так түшүнет, жаңы стилге тез кенет, акылын «бурат» жана жалпы кабыл алынган жоболордон алыстап, боло элек нерсени жаратууга умтулат. Ошону менен ал бүтүндей жаңы маданиятты жаратууга түрткү болот.

Чыгармачылык – бул бизди новатор жана ойчул кылган эң сонун сапат. Темендe чыгармачылыкты (креативдүүлүктү) енүктүрүүгe карата бир нeчe кeңeштeр сунушталынат:

1-кeңeш. Биринчи эле туура чeчимгe токтолбоңуз. Өзүңүзгe бир аз алысыраак кароону жана бир аз тeрeңирээк казууну эрeжe кылыңыз.

2-кeңeш. Өз ара байланыштарды орнотуңуз. Жаңы идeяларды жаратуу үчүн мeтафораларды, салыштырууларды жана аналогияларды колдонуңуз. Мaтeриaлдарды алардын кадимки кызыгуу чeйрeсүнeн тышкары издeңиз.

3-кeңeш. Жаратууда тобокeлчилик кылыңыз. Эгeрдe Сиз оригинaлдуу идeяны сунуш кылгыңыз кeлип жатса, Сиз адатта кылганыңыздан таптакыр башка нeрсeни жасашыңыз кeрeк. Бул eздeштүрүлбeгeн тaрмaктaргa кирүү жaнa жaңы кaндaйдыр бир нeрсe кылууга aрaкeт кылуу дeгeнди билдирeт.

4-кeңeш. Чыгaрмaчылык aчылыштaр, толкунднуулaр кaaлaгaн убaктa жaнa кaaлaгaн жeрдe болушу мүмкүн: вaннaдa, түшкү тaмaктaнуу, эртeң мeнeн ойгонуу учурундa. Тилeккe кaршы, кeбүнчe aлaр тeз элe пaйдa болгондой, тeз элe жоголуп кeтиши мүмкүн. Aлaрды пaйдa болгон учурдa дaрoo дoкумeнттeштирүүгe дaяр болуңуз: чийменин эскизин же жазууларды жазыңыз.

1-БӨЛҮМ БОЮНЧА КЫСКАЧА ПИКИР

Колдонмонун биринчи белүмү теориялык суроолорду ачыктоого арналган. Ар бир адам алгач билимге ээ болбосо, андан кийинки ишмердүүлүгүнүн натыйжасы азыраак болот. Билим «бул эмне?» деген суроону берүүден башталары белгилүү эмеспи. Билимдердин пайда болуусуна «чынжыр» метафорасын колдонуу түшүнүктүү болот деген ойдобуз.

Алгачкы (априордук) билимдер бардыгыбызда бар, аларды биз ар түрдүү булактардан (үй-бүледен, мектептен, достордон, газета-журнал, китеп, интернет ж.б.) алабыз. Ал негиз (база), бирок, ал жетишсиз, анткени биз кесипкей болуш үчүн кептеген жаңы маалыматтар менен таанышып, талдоо жүргүзүп, аларды менчиктештиришибиз зарыл. Бул муктаждык канааттаныш үчүн тема: а) кызыктуу болушу керек; б) шыктандыруучу мүнезге ээ болушу керек; в) адамдын жеке максатына туура келиши керек. Ушул шарттарда гана «билимдин чынжырында» кошумча звено пайда болот, башкача айтканда алгачкы билимдер толукталат, такшалат, такталат.

Ошондуктан, теменкү ЖЕТИ суроонун жообу менен таанышуу натыйжалуу болсо, Сиздин «билим чынжырыңызда» дагы бир звено пайда болот деген ойдобуз.

1. Гигиена жана санитария деген эмне?
2. Гигиеналык жүрүм-турум, гигиеналык практика деген эмне?
3. Гигиеналык билим берүү жана тарбия деген эмне?
4. Турмуштук кендүмдер деген эмне?
5. Балдардын курактык езгечелүктерү деген эмне?
6. Коопсуз енүктүрүүчү чейре деген эмне?
7. Чыгармачыл (креативдүү) ой жүгүртүү деген эмне?.

2-БӨЛҮМ. МЕТОДИКАЛЫК МААНИЛҮҮ АЛТЫ СУРОО

1. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АНЫ КАНТИП КОЛДОНУУ КЕРЕК?

2. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ҮЧҮН КАНДАЙ СУРООЛОР, СУРООЛОРДУН ДЕҢГЭЭЛИ.

3. ӨЗҮН ӨЗҮ ТАРБИЯЛОО ДЕГЕН ЭМНЕ?

4. ЭМНЕ ҮЧҮН ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШТАРЫ КЕРЕК?

5. ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУН ӨТКӨРҮҮНҮ КАНТИП УЮШТУРУУ

6. КӨРСӨТМӨЛҮҮЛҮК ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУН ӨТКӨРҮҮДӨГҮ МААНИСИ КАНДАЙ?

Суроолордун жоптору кийинки бетте...

1. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АНЫ КАНТИП КОЛДОНОБУЗ?

Инсанга багытталган окутуу үчүн ез ара аракеттенүү маениге ээ. Ар бир тарбиячы инсанга багытталган окутуу методикасын колдонуу менен, ата-энелерге рефлексивдик (ой жүгүрткен) ишмердүүлүкке чыгууга мүмкүндүк берет. Инсанга багытталган методикаларынын бири «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү енүктүрүү» (мындан ары СОЖ) методикасы. СОЖ методикасынын негизги багыттары теменкүде:

1. Тарбиячы менен ата-эненин окуп-үйренүү процессиндеги ролу.
2. Тарбиячынын ата-энелерге болгон ез ара мамилеси.
3. Тарбиялоо, окутуу, енүгүү процессинин сапаты.

Методиканын маани-маңызы анын: а) ар бир ой баалуу, б) бири-бирин уга билүүге үйренүү, в) лидерликке умтулуу; г) ез ара аракеттенүүгө үйренүү сыяктуу **өзгөчө философиясында:**

Адамдын таанып билүү процессинин түзүлүшү:

А.Н. Леонтьевдин ишмердүүлүктүн психологиялык теориясы боюнча:	**СОЖ методикасы боюнча таанып билүү баскычтары:**
Мотивацияга багытталган ишмердүүлүк.	**Чакыруу** – тема боюнча катышуучунун (ата-эненин) априордук билимин чыгаруу.
Активдүү аңдап-түшүнүү аркылуу таанып билүү ишмердүлүгү.	**Түшүнүү** – жаңы маалымат менен активдүү жолугушуу.
Рефлексиялык баалоо ишмердүүлүгү.	**Ойлонуу** – маалыматка езүнүн мамилесин жаратуу (рефлексия).

Эгерде жогоруда берилген адамдын таанып билүү процессинин түзүлүшүнүн эки вариантын салыштырсак, анда биз бир негиздерди байкайбыз: **биринчиден,** бул

окуп-үйренүү процессинде ата-энеге кандайдыр бир тема боюнча (биздин контекстте: позитивдүү гигиеналык жүрүм-турум боюнча) тарбиячы тарабынан сунушталган **маалыматты өздөштүрүү баскычтары. Экинчиден**, жаңы маалыматка ата-эне пассивдүү, башкача айтканда, угуу эле жолу менен эмес, активдүү, кандайдыр бир багыт, тапшырма, оюн аркылуу жолугат. Ар бир ата-эненин ез тажрыйбасына жараша жаңы маалыматтын келемү ар башка болушу мүмкүн. **Үчүнчүдөн,** тарбиячы ата-энелердин жендемдүүлүктерүнүн мүмкүнчүлүктерүне жараша ишмердүүлүктү пландаштыруусу зарыл, себеби, ар бир бала бакчанын ата-энелеринин калыптанган кендүмдерү ар башка.

СОЖ методиканын негизги баскычтары

1-баскыч. Чакыруу.	**2-баскыч. Түшүнүү.**	**3-баскыч. Ойлонуу, рефлексия.**
Бул баскычтын максаты: 1) кийинки ишмердүүлүкке ебелге түзүү; 2) кийинки темага, талкуулоо проблемасына инсандык мамилени калыптандыруу; 3) бар болгон билимдин, тажрыйбанын актуалдуулугу.	Бул баскычтын максаты – жаңы маалымат менен активдүү таанышуу. Маалымат менен презентация, китептеги маалыматты, темага ылайык актуалдуу макаланы олуттуу окуу, тасмаларды керүү аркылуу тааныштырса болот.	Бул баскычтын максаты – алынган маалыматтын дыкат талкууланышы. Бул баскычта ата-энелер маалыматты баалашат жана «менчиктиришет».

1-баскыч. Чакыруу. Бул жаңыны кабыл алууга езгече даярдык баскычы. Ушул баскычта педагогдун тажрыйбасын езүнче белүп кароо маанилүү, ал жаңы деп аталган же жаңы деп сунушталган кандайдыр бир мааниде теп келишет. Салттык менен новаторлуктун диалектикалык байланышы белгилүү эмеспи: жаңынын баары езүнүн езегү менен салтка кетет жана андан суурулуп чыгарылат. Ата-энелерге езүнүн тажрыйбасы менен белүшүү сунушталынат, ошентип бир жагынан езүнүн жетишкендиктери такталат, ал эми экинчи жагынан ишмердүүлүктегү кейгейлердү, кыйынчылыктарды белүп чыгышат жана келе жаткан иштин предметин такташат. Тажрыйба менен белүшүүде «акыл чабуул» методун колдонуу, таблицаларды толтуруу, схемаларды түзүү, кичи топтордо иштееге багыт алуу натыйжалуу болушу мүмкүн.

Иштин кандай гана формасы болбосун, ал окуп-үйренүү процессинин бардык катышуучуларын алдыдагы талкуулоого камтыганы, жаңы маалыматты ездештүрүү үчүн кызыгууну жаратканы, тарбиялоо жана ишмердүүлүктүн жаңы ыкмалары, методдору колдонулганы, конструктивдүү баарлашууга багытталганы мааниге ээ.

2-баскыч. Түшүнүү. Бул кадамды ишке ашырууда кептеген интерактивдүү методдорду колдонсо болоорун карап керүү керек. Бул тарбиячы ездештүре баштаган ушул эле ыкма болушу мүмкүн. Бирок ушул учурда аларды колдонуу башка максатка ээ болушу мүмкүн. Мындай багыт бир мезгилде бала бакчада ишке ашырууга чейин инновациялык метод менен иштеп керүүге мүмкүнчүлүк берет.

3-баскыч. Ойлонуу, рефлексия. Бул баскычта башка биреенүн ишин баалоо гана эмес, езүне езү баа берүү жана езүнүн ишмердүүлүгүне талдоо жүргүзүү маанилүү. Ойлонуу, рефлексия баскычында жаңы түшүнүктердүн позицияларын кайра куруусу, баалуулуктар багытынын калыптануусу жүрет. Рефлексивдүү ишмердүүлүктүн ийгилиги интерактивдүү сүйлешүүлер кандай атмосферада етүлүшүнен кез каранды.

Интерактивдүү ата-энелер чогулушундагы окуп-үйренүү процессинде карым-катнаштагы жагымдуулук, ачыктык, коллективдүү иштелип чыккан эрежелер болушу мүмкүн. Теменде СОЖ методикасын колдонууда иштее эрежесин сунуштайбыз, алар мындай эрежелерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда негиз катары алынышы мүмкүн.

Инсанга багытталган окутууда «СОЖ» методикасын колдонууда иштөө эрежелери

1. Бардык катышуучулардын теңдиги.
2. Ар бир адам ката кылууга укуктуу.
3. Баасыз ишмердүүлүк, калыптандыруучу баалоону колдонуу.
4. Жагымдуу, шыктандыруучу чейре түзүү.
6. Катышуучулардын кызматташуусунун негизи катары конструктивдүү диалогдун колдонуу (жыйынтыгында жаңы идеялар пайда болгон талкуу, «продуктулар», билим).
7. Жеке муктаждыктарды, суроолорду, кыйынчылыктарды эске алуу.
9. Ар бир баскычтын милдетине жараша реалдуу кайтарым байланышты уюштуруу.

2. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ҮЧҮН КАНДАЙ СУРООЛОР, СУРООЛОРДУН ДЕҢГЭЭЛИ, ТҮРЛӨРҮ МААНИЛҮҮ?

Суроолорду берүү ыкмаларын биринчилерден болуп байыркы грек философу Сократ колдоно баштаган. Сократтын сүйлешүү ыкмасы абдан кызыктуу болгон. Кепчүлүгүнде ал Сократтын баарлаша турган адамына суроосу менен башталган. Бирок, алынган жооп Сократ үчүн анчалык так болбогондуктан, ал кийинки ой жүгүртүүлер жана женекей эмес суроолору аркылуу баарлашкан адамды «чаташтырган». Бирок суроолордун, ой жүгүртүүлердүн, келтирилген аргументтердин системасы суроого бир жалгыз туура жоопту, чындыкты табууга жардам берген.[9]

Бала ойлоно алышы үчүн аларга суроо берилиши керек. Баланын кичинекей кезинде суроо берүүсү дем алуу сыяктуудай эле табигый процесс: Эмне себептен асман кек? Кечинде күн каякка кетет? Эмне үчүн булуттар бар? Балдар курчаган дүйнөнү дайыма жана жигердүү изилдеп, таанып биле башташат. Бирок, чоңойгон сайын ... мектепке барганда... суроолор бир жакка кетип, жок боло баштайт. Кичинекей кезиндеги кызыктуу суроолордун ордуна (эгерде мурун бала суроолорду берсе), эми аларга арналган, алардын сезимдери менен байланышпаган, мектепте фактыларды билүүнү гана талап кылынган суроолор бериле баштайт. Мисалы, Этиштин аныктамасын айт? Акын канчанчы жыл терелген? ж.б. Мындай суроолор эч кандай изилдеечүлүктү талап кылбай, китептеги малыматтын мазмунун айтуу менен чектелет. Ушундан улам баланын табигый кызыгуу сапаттары жок болуп, кебүнче жабык суроолорго («ооба» же «жок» деген жообу бар) гана жооп берүүнү үйрене башташат.

Азыркы абдан тез езгерүлген мезгилде суроолорду кеп берген, изилдеечүлүк кендүмдерге ээ инсандарды бүтүрген мектеп керек. Билим берүү уюмдарынын ролу езгерүлүүдө, сунушталган стандарттар, программалар суроо бергенди жана езүнүн суроосуна жооп бергенди үйретүүгө, жаңы идеяларды сунуштоого, аларды ишке ашырууга жеткирип, алган билимди практикада колдонушуна жардам бериши керек. Ал

үчүн баланын кичинекей кезиндеги жаңыны билгенде кандай сезимдерге ээ болсо, ошону ойготкондой ыкма табышыбыз керек.[10]

Билим берүү системасы балдарда кандай гана суроо болбосун анын туура жообу бар жана эгерде алар жетиштүү түрде даярдашса же зээнин кое билсе, ал эбак аны таап алса болот деген түшүнүктү калыптандырат. Мына ушундан улам, суроого жооп бере албаган (ал даярданып, суроонун үстүнен иштесе дагы) жагымсыз жагдай жаралып, коргонууга болгон каалоо пайда болот. Ошондуктан, суроо берүү кендүмүнүн ийгиликтүү енүгүүсү үчүн, зарыл болгон шарттарды топтой баштоону сунуш кылар элек:

- Суроого жооп бере албаган жагдайды нормалдуу деп эсептееге тийиш.
- Окуп-үйренүү процессинде чыгармачылык суроолорду кебүреек берилиши керек.
- «Коломбонун суроолорун»[11] колдонсо болот.
- Суроо берүү менен балдарды коргонууга мажбур кылбаш керек.

Сынчыл ой жүгүртүү методикасы үчүн суроо езгече орунду ээлейт: суроо маалыматты алуунун баштапкы пункту болуп эсептелет, башкача айтканда процесс суроо менен башталып, суроо берүү менен коштолуп, суроо менен бүтет. Ошондуктан, тарбиячыдан суроолордун түрүн билүү талап кылынат. Ал үчүн жеке эле фактыларды билүүгө суроолорду берүү максатын кездее маанилүү болбостон, табиятында изилдеечүлүк сапаты бар балдарды (ата-энелерди) «жаратылыштык абалга» алып келүү кырдаалын кеңейткен чейресүн түзүү чоң милдет. Ушундай шартта ата-энелер окуганды гана үйренүшпестен, ойлонууга да маани берилгенин байкашат. Себеби ар адамда айлана-чейредегү болуп жаткан кубулуштарды түшүнгүсү келген терең муктаждык бар. Муктаждыктар адамдарга суроо аркылуу келет. Аристотель бекеринен айтпаса керек: «Бардык адамдар жаратылышынан билүүгө умтулушат… ».

«Блумдун таксономиясы» деген эмне жана ал кимге керек?

Белгилүү америкалык психолог жана педагог Бенджамин Блум тарабынан түзүлген таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн деңгээлдерине ылайык окуу максаттарын коюнун таксономиясына негизделген суроолордун системасы бүгүн билим берүү дүйнесүне кыйла кеңири белгилүү.

> ***Иерархия*** *– кандайдыр бир предметтердин, буюмдардын, адамдардын, концепциялардын «жогоркудан» «төмөнкүгө» иретке келтирилген системасы.*

Суроолордун ар кандай түрлерү **иерархияны** түзет, мында эске сактоону талап кылган суроолор же формалдык деңгээлдеги суроолор эң теменкү баскычта турат. Ал эми баалоону же талдоону талап кылган суроолор ой жүгүртүүнү демилгелеген эң жогорку деңгээлдеги суроолор катары каралат.

Бенджамен Блумдун таксономиясын окутуунун жыйынтыгын пландаштыруу менен тыгыз байланыштырат: эгерде окуп-үйренүүнүн милдети – материалды жаттап, кайра айтып берүүсү керек болсо, анда бардык ишмердүүлүк ошого арналат. Эгерде биз башка жыйынтыкты алгыбыз келсе, мисалы, ата-энелерди маалыматты талдоого үйретүү, эрежени колдонуу, алынган материалды баалоо, анда суроолор деңгээли жана тапшырмалар башкача болот. Б.Блумдун таксономиясы боюнча суроолордун деңгээли ишмердүүлүктен күтүлүүчү натыйжалар менен түзме-түз байланышта.

Көнүл буруңуз!

Урматтуу тарбиячылар, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында интерактивдүү ата-энелер чогулушунда, балдардын тарбиялоо, енүгүү процессинде Б.Блумдун таксономиясы боюнча суроолордун жана тапшырмалардын деңгээлин колдонуу мисалдары менен колдонмонун 3-4-белүмүнен таанышсаңыз болот.

Сунушталган интерактивдүү чогулуштардын, кенүгүүлердүн пландары ата-энелердин, балдардын позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун, езүн езү таануу кендүмүн, чыгармачыл ой жүгүртүүнү, турмуштук кендүмдерүн калыптандырууга жана енүктүрүүгө багытталган.

3. ӨЗҮН ӨЗҮ ТАРБИЯЛОО ДЕГЕН ЭМНЕ?

Өзүн езү тарбиялоо – бул тарбиялоо процессинин жогорку баскычы, адамдын езүн езү еркүндетүүнүн үстүнен иштеген максаттуу процесс. Интеллектуалдык, руханий тармактагы езүн езү тарбиялоо – билим алуунун езү ушул. Моралдык-психологиялык тармактагы езүн-езү тарбиялоого езүнүн мүнезүнүн мүчүлүштерүнүн үстүнен езүнүн кеземелдесү кирет. Ал эми физикалык жана гигеналык тармактагы езүн езү тарбиялоого езүнүн ден соолугу тууралуу кам кергену, ден соолукка байланыштуу иш-чараларга катышуусу камтылган.

Өзүн езү тарбиялоонун тарыхы цивилизациялык тарбиялоонун тарыхына караганда байыркы. Кыргыз элдик педагогикада байыркы мезгилден берки езүн езү тарбиялоого кептеген салттар кездешкен.

Өзүн езү тарбиялоо үч бири бири менен байланышкан процесстерден турат:

1. **Өзүн таануу**. Адегенде езүн инсан катары түшүнүү керек. Ал үчүн езүн езү талдоо колдонулат, езүн башка адамдар менен позитивдүү салыштыруу, достордон сын пикир кабыл алуу, езүн башка адамдын кезү менен керүү, күндүн жыйынтыгын чыгаруу, аракеттердин туура, туура эместигине баа берүү, езүне объективдүү (түшүрүлбеген) сын кез караш менен мамиле кылуу.
2. **Негативдүү ойлордон**, аракеттерден, сездерден, жүрүм-турумдан баш тартуу. Ал үчүн езүне езүн кармоого буйрук берүү, езүне тыюу салуу, езүн айыптоо, езүнен баш тартуу колдонулат.
3. **Позитивдүү аракеттерди**, жумуштарды, ак кеңүл иштерди ишке ашырууга езүн даярдоо. Бул ыкма ички уюштурулбагандыкты, окуганды же иштегенди каалообону, жалкоолукту жеңүүгө жардам берет.

Интерактивдүү ата-энелер чогулушунда тарбиячынын езүн езү тарбиялоого практикалык ыкмаларды колдонуусу абдан натыйжалуу болуп эсептелинет. Бул ыкмаларды ата-энелер балдарына жардам берүү менен биргеликте ишке ашырышса дагы болот:

1. Биринчи ыкма «Бир кадам алга» деп аталат. Анын маңызы күнүгө кийинки күнгө езүнүн ишмердүүлүгүн пландаштыруу.

2. Экинчи ыкма «Бир күндүн белгиси». Адам күнүгө езүнүн жүрүм-турумун талдайт.
3. Үчүнчү ыкма «Өзүнүн милдеттери». Ата-эне айга, чейрекке, жарым жылга жана бир жылга езүнүн үстүнен иштеену пландаштырат.
4. Тертүнчү ыкма «Өзүн тааныйт». Оюн мүнезүндегү ыкма. Тарбиячы ата-энеге толук эмес позитивдүү мүнездеме берет, ал езүн тааныйт, чогулуштун катышуучулары анын мүнезүн толуктайт.

4. ЭМНЕ ҮЧҮН ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШТАРЫ КЕРЕК?

Керүнүктүү советтик педагог В.А.Сухомлинский мындай деп жазган: «Мектепке чейинки куракта бала, негизинен ата-энелердин ой толгоолору, баалоосу жана иш-аракеттери аркылуу езүн жана башка адамдарды ачуу жана бекемдее менен, езүн толук, үй-бүлесүн тааныйт. Ошондуктан, тарбиялоо милдеттери үй-бүле менен байланыш колдоого алынган, тарбиячылар менен ата-энелердин ортосунда ишеним жана кызматташтык мамилелери түзүлген учурда гана ийгиликтүү чечилет»[12].

Гуманизация жана демократиялаштыруу процесстери мектепке чейинки уюмдун үй-бүле менен ез ара аракеттешүүсүн активдештирүүнүн зарылдыгын шарттады. Мектепке чейинки билим берүү уюмдары жана үй-бүлелердүн ез ара аракеттешүүсүнүн негизи болуп тарбиячылар жана ата-энелердин енектештүк позициясынын бирдейлиги, бири-бирине болгон сый мамилеси менен кызматташуусу эсептелет. Кызматташуу ез ара аракеттерди гана эмес, ошондой эле ез ара түшүнүүнү, ез ара урматтоону, ез ара ишенүүнү, ез ара таанып билүүнү жана ез ара таасирди божомолдойт. Тарбиячылар жана ата-энелердин активдүү биргелешкен иши бири-бирин жакшы таанышууга мүмкүндүк берет, алардын ез ара мамилесин чыңдоого жардам берет.

Ушуга байланыштуу, мектепке чейинки билим берүү уюмунда үй-бүленүн ез ара аракеттенүүсүн ата-энелер чогулушу формасында ишке ашыруу эң актуалдуу болуп саналат. Ата-энелердин салттуу чогулушу негизинен монолог формасында етет – тарбиячы сүйлейт, калгандары угушат. Бирок ата-энелер менен иштеенүн ушундай формасы езүнүн аз натыйжалуулугун керсетту жана ата -энелер ездерү деле отчеттор жана үйретүү сүйлешүүлер түрүндегү мындай жолугушууларга каалоосуз жооп беришет. Биздин кез карашыбызча ушул абалдан чыгуунун жолу болуп теменкүлер эсептелет:

- **ата-энелер чогулуштарынын методдорун өзгертүү:** ата-эне ез баласын тарбиялоо, енүктүрүү жана таанып билүү роцессине тартууга мүмкүндүк берген ез ара аракеттенүүнүн активдүү методдорун кенен пайдалануусу зарыл;
- **ата-энелер жөнүндө ойлорду өзгертүү:** ата-энелер-окуп-үйренүүгe, езүн езү енүктүрүүгe жана кызматташууга даяр заманбап адамдар, «баарлашуунун» активдүү катышуучулары.

Биздин оюбузча, интерактивдүүлүктү колдонуу ата-энелер чогулуштарынын диапазонун кеңейтүүгe мүмкүндүк берет.

Көнүл буруңуз!

«Интерактивдүү» деген сездүн езү бизге англис тилинен «ез ара аракеттенүү» деген сезден келген, мында «inter» ез ара, «act» – аракет кылуу. Интерактивдүү – бир нерсе менен (мисалы, компьютер) же кимдир бирее (мисалы, адам) менен сүйлешүү, диалог режиминде болууну же ез ара аракеттенүүгe жендемдүү болууну билдирет.

Интерактивдүү методдун негизги сегиз мүнөздөмөсү

1. Өз ара аракеттенүүнүн ыңгайлуу шарттары менен уюштуруунун атайын формасы, анда катышуучу езүнүн ийгиликтүүлүгүн, интеллектуалдык деңгээлин сезет.
2. Өз ара аракеттенүү процесси бардык катышуучулар тааныП-билүү, талкуулоо процессине тартылгандай уюштурулат.
3. Диалогдук баарлашуу ез ара аракеттенүүгe, ез ара түшүнүүгe, ар бир катышуучу үчүн кебүреек жалпы, бирок олуттуу милдеттерди биргелешип кабыл алууга алып келет.
4. Ар бир катышуучу езүнүн езгече жеке салымын кошот, билимдери, ез идеялары, ишмердүүлүк ыкмалары менен алмашуу, башка пикирди угуу мүмкүнчүлүгүне ээ.
5. Бир гана адамдын да, бир пикирдин да үстемдүгү алынып салынат. Башкалардын пикирин урматтоо, угуу, негиздүү корутунду жана тыянак чыгаруу билгичтиги калыптанат.
6. Катышуучу ез пикирин, кез карашын билдирип, баа берип гана тим болбостон, далилдүү аргументтерди угуп, ез кез карашынан баш тарта алат же аны олуттуу езгерте алат.
7. Катышуучулар альтернативдүү пикирлерди таразалоону, ойлонулган чечимдерди кабыл алууну, ез ойлорун туура айтууну, талкууга катышууну үйренүшет.
8. Топтук иштердин натыйжалуулугунун керсеткүчү болуп бир жагынан топтун ендүрүмдүүлүгү, экинчи жагынан – топтун мүчелерүнүн биргелешкен ишмердүүлүк менен канааттануусу эсептелет.

Интерактивдүү методдорду колдонуу дароо бир нече психологиялык жана педагогикалык милдеттерди аткарууга мүмкүндүк берет:

- ата-энелерди активдүү позицияга коёт. Кадимки кырдаалда мындайды аткаруу жеткиликтүү татаал: психологдун «ез пикирин билдирүүгe», «ез варианттарын

сунуштоого» чакыруусу, эреже катары, натыйжасыз бойдон калууда. Интерактивдүү методдор ата-энелерди активдүү катышуучу болууга мүмкүндүк берет, анын натыйжасында алар принципиалдуу түрде езүн башкача алып жүре башташат;

- ата-энелер чогулуштарынын салттуу стереотиптерин бузат: ал жен гана нускоочу сүйлешүүлердүн орду эмес, езгечеленген маниге жана мазмунга ээ болгон езгече мейкиндик боло баштайт;
- ата-энелердин психолог, тарбиячылар жана башка адистер менен ез ара аракеттенүүгө даярдыгын жогорулатат. Оригиналдуу, адаттан тыш иш-чараларды уюштуруучу адис урматтоону жана кызыгууну туудурат;
- диагностикалык функцияны аткарат. Алардын жардамы менен ата-энелердин күтүүлерү, түшүнүктерү, тынчсыздануулары жана коркуулары такталат, анын үстүне алардын диагностикалык багыттуулугу ата-эне үчүн ачык эмес болгондуктан, социалдык каалоо факторунун таасири азыраак болгон маалыматты алууга болот.
- педагог-психологдун ата-энелерге тийгизген таасирин жеткиликтүү тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Алар түзме-түз кырдаалда болуу жана реакция кылуу тажрыйбасын алышат, бул психологиялык жана педагогикалык билимдерди жана кендүмдердү интеграциялоого түрткү болот.

Көңүл буруңуз!

- Фасилитация (кемектешүү, ез ара колдоо, жеңилдетүү) – маалымат алмашуу процесси не багыт жана жардам берүү: тарбиячылар-үй-бүлеге, үй-бүлелер-тарбиячыга.

5. ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА -ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУН ӨТКӨРҮҮНҮ КАНТИП УЮШТУРУУ КЕРЕК?

Интерактивдүү ата-энелер чогулуштарын еткерүү үчүн кептеген методдор бар. Биз «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү енүктүрүү» методикасын колдонууну сунуштайбыз, анда жеке иш, дискуссиялар, анкеталар, диагностика, балдардын ишмердүүлүгүнүн видео жаздыруулары жана түзме-түз билим берүү ишмердүүлүгүнүн үзүндүлерү, гигиена жана балдардын жана чоң адамдардын турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу боюнча маектешүү-консультациялар, чакырылган адистердин катышуусу менен «тегерек отурумдар», балдар менен чоң адамдардын жүрүм-турумун талдоо жана башкалар орун алган.

Чогулуштун жагымдуу атмосферасын түзүүде интерактивдүүлүк принциби езгече роль ойнойт. Интерактивдүүлүк - бул алып баруучунун (тарбиячынын) «бул жерде жана азыр» топтук кырдаалга кийлигишүүсү, ал белгилүү максат менен топтун мүчелерүнүн активдүүлүгүн түзүмдештүрет.

Интерактивдүү ата-энелер чогулушунда оюндарды да колдонсо болот. Ошондуктан чогулуштун сценарийин пландаштырып жана иштеп чыгууда тарбиячы езүне теменкү суроолорду бериши керек: «Кандай оюндарды колдонсо болот?», «Мен эмне үчүн дал ушул интерактивдүү оюнду тандайм?».

Оюндарды тандоо төмөнкүлөрдөн көз каранды:

1. ата-энелердин чогулушу үчүн коюлган максаттардан;
2. катышуучулардын санынан. Кээ бир оюндар катышуучулардын жеке ишин божомолдойт, башкалары – жупта, үч, терт адамдан турган, кичи топтордо иштее. Бүт топ ез ара аракеттене турган оюндар бар. Оюнду кичи топтор бири-бири менен жарыша тургандай, же катышуучулардын кандайдыр бир белүгү башкалардын аракеттерине байкоо жүргүзгендей уюштурса болот;
3. интерактивдүү оюнду еткерүү жана андан кийин баа берүү үчүн керектүү убакыттан;
4. оюндарды еткерүү процессинин жүрүшүнде колдонулган байланыш каражаттарынан. Катышуучулар бири-бири менен сүйлеше турган «вербалдык» оюндар бар, алар «дене тилин» колдонуу менен бири-бири менен баарлашкан «вербалдык эмес» оюндар бар. Өзүн-езү керсетүүнүн башка каражаттары да бар:сүреттер, ызы-чуулар жана тыбыштар, үч елчемдүү предметтерди жасоо, жазуу ж.б. Бул учур маанилүү, анткени иш процессинде ез ара аракеттенүү каражаттарын алмаштыруу катышуучулардын үйренүү даярдыгына оң таасирин тийгизет жана алардын енүгүүгe даярдыгын колдойт. Ушунун бардыгынан улам, чогулуштун алып баруучусу (тарбиячы) байланыш каражаттары маал-маалы менен езгерүп турушу женүнде кам керүшү керек.

Интерактивдүү ата-энелер чогулушун еткерүүдe биз теменкү аракеттердин (кадамдар) ырааттуулугун сунуштайбыз:



1-кадам. Диагностикалык (алдын ала) баалоо. Тарбиячы ата-энелердин активдүүлүгү кандай болушу керек экенин түшүнүү үчүн жалпысынан топтогу абалга жана ар бир катышуучунун муктаждыктарына баа бериши керек.

2-кадам. Интерактивдүү ата-энелер чогулушун даярдоо. Тарбиячы ата-энелерге интерактивдүү чогулушту сунуштоону чечкенден кийин, ал эмне кылуу керектигин түшүндүрүшү керек. Биз бул кадамды символикалык түрде «ата-энелерге нускама» деп атасак болот, ага теменкүлер кирет:

А) интерактивдүү чогулуштун темасы жана максаты, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжалары женүнде маалымат;

Б) процесс тууралуу кызыктуу билдирүү. Тарбиячынын түшүндүрмелерү канчалык керсетмелүү, кыска жана ишенимдүү болсо, ата-энелер ошончолук тез кызматташууга даяр болушат.

3-кадам. Чогулушту еткерүү. Бул этапта тарбиячы пландаштырылган ишмердүүлүктү ишке ашырат:

А) ата-энелер чогулушунун темасы жана максаты менен тааныштырат;

Б) чогулушту «Сынчыл ой жүгүртүүнү енүктүрүү» методикасынын баскычтарына ылайык еткерет, башкача айтканда, чакыруу баскычынан баштап, ойлонуу (рефлексия) баскычына чейин;

В) суроолорду берет, тапшырмаларды берет, туура эмес түшүнген керсетмелердү түшүндүрет жана убакыттын жана эрежелердин сакталышына байкоо жүргүзет;

Г) жана акырында, ал катышуучулар эмне аткарып жаткандарын кылдат байкап турат, жардам берет, талкууну жүргүзет, корутундуларды жалпылайт.

4-кадам. Жыйынтык чыгаруу. Тарбиячы катышуучуларга ездерүнүн тажрыйбаларын талдоого: тажрыйба алмашууну демилгелееге, каралып жаткан маселенин езгечелүгүн түшүнүүгө, алынган тажрыйба менен күнүмдүк жашоодо жүрүм-турумдун ортосундагы байланышты табууга жардам бериши керек.

5-кадам. Алган билимди колдонуу. Тарбиячы күнүмдүк турмушта практикалык колдонуу үчүн, гигиена тармагында балдардын турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу үчүн үй тапшырмасын берет. Бул кенүгүүлер же интерактивдүү оюндар болушу мүмкүн, аларды Сиз бул колдонмонун үчүнчү жана тертүнчү белүктерүнен таба аласыз.

Интерактивдүү ата-энелер чогулуштарын уюштурууда теменкү сунуштарды эске алуу керек:

1. Катышуучулардын коопсуздугун камсыздоо. Тарбиячы ата-энелердин пикирлеринин жана керсетмелерүнүн тууралыгын же туура эместигин баалабашы керек. Ата-энелерден алган кайтарым байланыштын баалуулугун езгече белгилеп кетүү керек: «Ушуну айтканыңар абдан маанилүү». Кээ бир ата -энелер күлкү же оппозициялык реакциялар менен жабылган оюндарга же талкууларга катышууда езүн ыңгайсыз сезиши мүмкүн. Тарбиячы буга кеңүлдү топтобой, ушул ата-энелердин пикирине кызыгуу керсетүүсү, катышканы үчүн ыраазычылыгын билдирүүсү жакшыраак.

2. Ата-энелердин кызыкчылыгы. Ата-энелерге интерактивдүү методдор мектепке чейинки курактагы балдардын жашоосунун кандайдыр бир жагдайларын жакшыраак түшүнүүгө, алган билимин колдонууга жана ез балдарынын муктаждыктарын жакшыраак түшүнүүгө жардам бере тургандыгын түшүндүрүү керек.

3. Мейкиндиктин уюштурулушу. Отургучтар менен столдордун жайгашуусун езгертүү (мисалы, аларды «П» тамгасында же жарым тегерекче кылып коюу) же башка белме тандоо сунушталат.

4. Алдыда боло турган иш-чара тууралуу ата-энелерге алдын ала эскертүү. Ар кандай жолдор менен чогулушта ез ара аракеттенүүнүн жаңы методдору жана формалары колдонула тургандыгы женүнде билдирүү (мисалы, жазуу түрүндегү чакырууларды даярдап, аларды балдар менен берип жиберүү).

5. Өз ара аракеттенүүнүн активдүү методдорун колдонуу үчүн ата-энелер чогулушунда оптималдуу убакытты тандоо. Бул убакыт адатта 30-40 мүнет менен чектелет. Эгерде ата-энелер буга чейин мындай ишке катышпаса, анда алардын созулушун акырындык менен жогорулатып, аткарууга азыраак убакыт талап кылынган тапшырмалардан баштоонун мааниси бар.

Үй-бүле менен бала бакчанын ортосундагы ез ара аракеттенүү – бул тарбиячылардан жана ата-энелерден сабырдуулукту, чыгармачылыкты жана ез ара түшүнүүнү талап кылган узак процесс жана талыкпаган эмгек. Ата-энелер менен ез ара аракеттенүүнүн

интерактивдүү формаларынын ар түрдүүлүгү тарбиячыларга жана адистерге үй-бүлелер менен болгон мамилесин олуттуу жакшыртууга, ата-энелердин психологиялык жана педагогикалык маданиятын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

6. КӨРСӨТМӨЛҮҮЛҮК ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУН ӨТКӨРҮҮДӨГҮ МААНИСИ КАНДАЙ?

«Бир бала болуптур. Ал мектепке келгенде чейин, гүлдөрдү тартканды жакшы көрчү экен. Дайыма ар кандай гүлдөрдү тарта берчү экен. Мектепке келгенде мугалим: «Балдар, бүгүн, биз гүл тартабыз» -дегенде эле бала өзүнүн жакшы көргөн гүлүн тарта баштаптыр. Бирок мугалим баланын жанына келип: «Эмнени тартып жатасың, мен кандай гүлдү тартаарыбыз жөнүндө тапшырма бере элекмин», - дептир. Бала кызыктай болуп, токтоп калыптыр, мугалим болсо, биз мындай гүл тартабыз – деп «сабагы бар жашыл гүлдү» көрсөтөт экен. Бала ал гүлдү тарткысы келбей, отура берип, сабак дагы бүтөт экен.

Көп өтпөй эле бала бул мектепте окубай калып, башка мектепке которулат экен. Бир күнү мугалим: «Балдар, бүгүн биз гүл тартабыз»,- деп айтат экен. Бала көпкө чейин эч нерсе тартпай отургандыктан, мугалим келип: «Эмне үчүн тартпай отурасың?»,- деп сураса, анда бала «Сиз кандай гүл тартаарыбызды көрсөткөн жоксуз да»,- деп жооп бериптир. Анда мугалим: «Каалаган гүлүңдү тарт» - дейт экен. Бала көпкө чейин отуруп, тыныгууга аз калганда «сабагы бар жашыл гүлдү» тартып, жумушту мугалимге берет экен».

(накыл баян)

Бул накыл-баянды окуганда езүңдүн балалык кезиң женүнде ойлор келе баштайт. Ушундай эле окуяны баардыгыбыз эстей алат болушубуз керек. Мисалы, сүрет сабагында балдар, биз бүгүн уй тартабыз деп уйду керсетүп тартышканын эстей берем.

Керсетмелүүлүк принциби – бул окутуунун маанилүү дидактикалык принциби. Окуп-үйренүү процессинде балдар конкреттүү образдарды куруу үчүн керсетмелүүлүк принциби жардам берет.

Керсетмелүүлүк женүнде педагогикалык изилдеелерде ар кандай аныктамаларды берет мисалы,

- Мугалим материалды оозеки түшүндүрүү учурундагы иллюстрация.
- Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жолу.
- Окуу материалын сунуштоо формасы.
- Дидактикалык принцип.
- Окуу моделдеринин маңызы.

Классикалык окутуу системасы айлана-чейре кубулуштарын, процесстерди, предметтерди караганда гана окуу ийгиликтүү болот деген божомолдоолорго таянып, керсетмелүүлүк принцибин сунуштаган. Немец педагогу Адольф Дистерверг адамдар керсетмелүүлүк жолу менен гана билимге жетет деп айткан. Ал эми К.Д. Ушинский окуу теориясын енүктүрүүде: «… Эгер биз сырткы дүйнеден кабыл алган маалыматтыбыз туура эмес болсо, анда жыйынтыктар дагы калп болушу мүмкүн», — деп белгилеген.

Каралып жаткан кубулуштардын маңызын ачуу үчүн мугалимдин милдети болуп окуучуларды ушул чыгармачылык процесске тартууга кандайдыр бир методикалык ыкмаларды табуу болуп эсептелинет.

Чех окумуштуусу Ян Амос Коменский адамдын таанып-билүү жолу конкреттүү фактылардын жана кубулуштардын сезимдик кабыл алуусунан башталаарына ишенип, окутуунун эң маанилүү принциби - керсетмелүүлүктү белгилеген. Ал теменкү «алтын эрежени» сунуштаган: «**Көрө турганды көрүү, уга турганды – угуу, жыттооонуу – жыттоо, кармап көрүнүү – кармоо б.а. таанып-билүү абдан көп рецепторлордун катышуусун талап кылат**».

Белгилүү окумуштуулар А. Дистерверг, Г. Песталоцци, Ж. Руссо керсетмелүүлүксүз эч кандай билимге жетишпейт деген ойлорду айтышкан.

Педагогдун тажрыйбасынан

«Мисалы, биз биология мугалиминин сабагына күбе болгонбуз. Сабак ачык болгондон кийин мугалим абдан аракет кылып болгон керсетме куралды класска алып келген, бирок алар ар бир баланын астында 45 мүнет жен эле экспонат катары турган. Мугалим алар менен езү дагы иштеген жок, балдар дагы иштеген жок».

Тарбиячы интерактивдүү ата-энелер чогулушун пландаштырып жаткан учурда керсетме куралды «Кайсы баскычта?», «Эмне үчүн?», «Кантип колдонуу керек?» - деген үч суроонун үстүнде иштеесү керек.

Интерактивдүү ата-энелер чогулушун еткерүүде керсетмелүүлүктүн мааниси чоң. Тарбиячы теменкү суроолорго езүнүн жоопторун кошумчалаган учурда, кесипкейлүк тууралуу айта алабыз.

1. **«Интерактивдүү ата-энелер чогулушунун кайсы баскычында көрсөтмө курал колдонулат?»** Бардык үч баскычта колдонсо болот: чакыруу, түшүнүү, ойлонуу.[13]
2. **«Эмне үчүн ар бир көрсөтмө курал интерактивдүү ата-энелер чогулушунда иштелиши керек?»** Ата-энелер үчүн маалыматты түшүнүп кабыл алуу процесси башталат. «Адам, - деп белгилеген С.Л. Рубинштейн, – бир нерсени түшүнгүсү келген муктаждык пайда болгондо ойлонот. Ой жүгүртүү дайыма кейгейден же суроодон, таң калуудан же түшүнбестүктен башталат. Инсандын ойлонуу процессине киришүүсү дайыма кандайдыр бир маселени чечүүгө багытталат».

   Керсетме куралды сабактын максатына жана милдеттерине жараша пайдалануу керек жана боло тургандыгын тарбиячылар түшүнүшү керек.
3. **Кантип колдонуу керек?** Интерактивдүү ата-энелер чогулушу кызыктуу, чыгармачыл болушу үчүн, керсетме курал ез учурунда колдонулушу зарыл. Тарбиячы ар бир сабактын режиссеру, окуп-үйренүү процессинде керсетмө куралдарды колдонуу дагы ата-энелердин курактыктын езгечелүгүне, муктаждыгына, кабыл алуу стилдерине жана башка педагогикалык принциптердин туура, орундуу колдонулушуна жараша боло тургандыгы ачыктан ачык.

2-БӨЛҮМ БОЮНЧА КЫСКАЧА ПИКИР

2-белүм методикалык суроолорго арналган. Бала бакчанын тарбиячысы гигиена тармагында балдардын турмуштук кендүмдерүн калыптаныруу максатында интерактивдүү ата-энелер чогулушун кайсы методикалар, кандай материалдын негизинде, кандай керсетмелүүлүктү колдонуу менен еткере ала тургандыгын ачык-айкын түшүнүүсү маанилүү.

Инсанга багытталган окутуу, инсанга багытталган мамиле билим берүү системасын реформалоодо гумандаштыруу багытында жаралган.

Бул реформалардын негизин түзген идея – ар бир баланы инсан катары кароо, алардын оюн эске алуу, угуу, ар бир баланы ийгиликтүү экендигине ынандыруу, ишенүү, лидерликке умтултуу. Учурда турмуштук кендүмдерге ээ болгон инсандар базар экономикасынын шартында ийгиликтерге жетишүүдө. Турмуштук кендүмдергө эмнелер кире турганын айтып еттүк. Инсанга багытталган «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү енүктүрүү» методикасын колдонуу менен балдарда турмуштук кендүмдердү енүктүрсе болот. Бул процесс бала бакчада ата-эне менен кызматташуу аркылуу башталса, балдардын мүмкүнчүлүктерү кеңейет.

3-БӨЛҮМ. МААНИЛҮҮ БЕШ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУ

ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУНУН ТЕМАТИКАСЫ

1. «БИРИНЧИ БАЙЛЫК ДЕН-СООЛУК»

2. «ЭШИГИН КӨРҮП ТӨРҮНӨ ӨТ»

3. «ТАЗАЛЫК ӨМҮРГӨ ГҮЛ АЗЫК»

4. «СУУ-ӨМҮРДҮН БУЛАГЫ»

5. ТУУРА ТАМАКТАНУУ ЭРЕЖЕЛЕ

Интерактивдүү ата-энелер чогулушунун сценарийлеринин иштелмелери кийинки бетте...

1-ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУ
ТЕМА: «БИРИНЧИ БАЙЛЫК-ДЕН СООЛУК»

Максаты: мектепке чейинки курактагы балдардын гигиена тармагында турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу, позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун жогорулатуу боюнча ата- энелердин биргелешкен ишмердүүлүгүн уюштуруу.

Милдеттер:

1. Балдардын ден соолугуна баалуулук мамилени калыптандырууга түрткү болуу.
2. Ата-энелерди ез ден соолугун натыйжалуу сактоого салым кошкон эскертүү менен тааныштыруу.
3. Балдардын турмуштук кендүмдерүн (сынчыл ой жүгүртүү, таанып билүү, башка адамдар менен ез ара аракеттенүү) калыптандырууда ата-эненин синхрондуулугуна жетишүү.

Күтүлүүчү натыйжалар:

ата-энелер:

- ден соолукка баалуу мамилени калыптандырышат;
- ез ден соолугун натыйжалуу сактоого түрткү кылган эстеткич менен таанышышат;
- ез балдарында турмуштук кендүмдерүн (сынчыл ой жүгүртүү, таанып билүү, башка адамдар менен ез ара аракеттенүү) калыптандырышат.

Колдонула турган материалдар: проектор, маркерлер, ватман кагазы (флипчарттар), А4 форматындагы кагаз, ата-энелер чогулушунун темасы боюнча колдонуу үчүн таркатма материалдар, видеороликтер, компьютер, интерактивдүү такта, скотч, кайчы, стикерлер, түстүү кагаз, тема боюнча балдар китептери.

Методика: Инсанга багытталган «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү енүктүрүү» методикасы.

Убакыт: 40 мүнет

Чогулушка алдын ала даярдоо:

1. Ата-энелер үчүн «Баланы езүнүн ден соолугу женүнде кам керүүге кантип жардам берүү керек?» аттуу эстеткич даярдоо.
2. «Биринчи байлык - ден соолук» темасы боюнча мультимедиялык презентация даярдоо.
3. Ата-энелер чогулушу ете турган жайдын жасалгасы.
4. Ата-энелер үчүн кергезменү жасалгалоо: фотосүреттер, чиймелер, сүреттер ж.б.
5. «Биринчи байлык – ден соолук» темасы боюнча балдар керкем адабияты.

I. ЧАКЫРУУ БАСКЫЧЫ

КАДАМДАР	ТАРБИЯЧЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ	АТА-ЭНЕНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ
1-кадам. 1 мүнет	Саламатсыздарбы, кымбаттуу ата -энелер. Бүгүн биздин интерактивдүү деп аталган чогулуш балдарыбыздын ден соолугуна жана гигиенасына арналат. **Темасы: «Биринчи байлык-ден соолук».**	Ата-энелер тарбиячынын презентациясын угушат.
Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын енүгүүсүнүн азыркы этабында бардык балдардын ден соолугун чыңдоо жана сактоо зарылдыгы менен байланышкан тенденциялар орун алууда. Мектепке чейинки курактагы балдардын гигиена тармагында турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу жана енүктүрүү маселеси актуалдуу болуп эсептелет.

Сунушталып жаткан методикалык колдонмо теориялык, методикалык, практикалык суроолорго жооп берүүнү камтыйт.

Биринчи бөлүм теориялык маселелерди ачыктоого арналган. Суроолор гигиена тармагына тиешелүү негизги түшүнүктердүн мазмунун талдоого жана тактоого арналган.

Экинчи бөлүм методикалык суроолорго жооп берүү менен практикалык белүмгө етүүге ебелге болуп эсептелет. Мектепке чейинки билим берүү уюмунда иштеген тарбиячы бул ойлор менен терең таанышып чыкса, анда бул колдонмодогу практикалык белүкте сунушталган кенүгүүлердү практикасына киргизүү жеңилирээк болот.

Үчүнчү бөлүм 5 интерактивдүү ата-энелер чогулушунун иштелмелерин сунуштайт. Тарбиячылар ар бир кадамды туура, так аткарууга аракеттенүүсү зарыл. Интерактивдүү ата-энелер чогулушун пландаштырууда инсанга багытталган окутуунун принциптери, философиясы, мамилелер, «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү енүктүрүү» методикасы негизги болуп эсептелди.

Төртүнчү бөлүм практикалык кенүгүүлердү жана тапшырмаларды сунуштайт. Алар: мектепке чейинки курактагы балдардын (5-6 жаштагы) позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун, езүн таануу, езүн тарбиялоо, чыгармачылык кендүмдерүн енүктүрүү максатын аткарууга багыт алат.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячылары үчүн «Гигиена тармагында балдардын турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу жана енүктүрүү» колдонмосу түшүнүктүү болуп, алардын практикасында ез ордун ээлеп, ата-энелер менен кызматташтыкта балдардын позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун тарбиялоого жардам берет деп ишенебиз!

ГИГИЕНА ТАРМАГЫНДА БАЛДАРДЫН ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ

АЛКАКТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ШКАЛАСЫ

КИРИШҮҮ

Адамдын ден соолугунун пайдубалы эрте бала кезинде түптелет. Бул учурда баланын организми ийкемдүү, ал чоң кишинин организмине караганда тышкы чейренүн таасирине алда канча сезгич келет. Бул иш-аракеттердин жагымдуулугу же жагымсыздыгы баланын келечектеги ден соолугуна таасир этет. Баланын ден соолугун коргоо жана чыңдоо үчүн анын гигиеналык тарбиясы чоң маниге ээ. Гигиеналык тарбия жалпы билим берүүнүн ажырагыс белүгү, ошондой эле адамдын маданиятынын курамдык белүктерүнүн бири болуп саналат. Мектепке чейинки курактагы балдарга гигиеналык билимдерди берүү жана кендүмдердү калыптандыруу медициналык кызматкерлердин гана иши деп ойлогон кээ бир ата-энелер терең жаңылышат. Чындыгында, бул ата-энелердин, тарбиячылардын дагы иши.

Кыргызстан постсоветтик мейкиндиктин аймагындагы Кыргыз Республикасынын Өкметүнүн 2007-жылдын 16-январындагы №17 токтому менен «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик стандарты расмий түрде бекитилген биринчи мамлекеттердин бири болуп саналат. Азыркы учурда бул стандарт кайрадан иштелип чыкты жана бекитилди. Мамлекеттик стандарт алты айдан жети жашка чейинки балдарга мектепке чейинки билим берүү жана кароо боюнча билим берүү, медициналык, юридикалык, уюштуруулуучу кызматтарга, мамлекет жана башка кызыкдар тараптар (коомчулук, жеке адамдар ж.б.) сунуштаган иш-чараларга талаптарды камтуу менен, бирдиктүү талаптарды белгилейт.

Компетенттүүлүк шкаласын иштеп чыгууда биз Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» стандартын жетекчиликке алдык.

АЛКАКТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ШКАЛАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

1. Акыркы убактарда мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугунун абалы негиздүү тынчсызданууну пайда кылууда. 2016-2020-жылдардагы балдардын (0-14 жаш) ооруларынын керсеткүчтерү боюнча кээ бир жугуштуу жана мите ооруларынын 1,9%га, башка оорулардын 1,5%га есүшү байкалууда.[22] Буга байланыштуу мектепке чейинки билим берүү системасын реформалоонун жаңы этабынын артыкчылыктуу милдеттеринин бири – балдардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо, алардын ден соолук баалуулуктарын жана сергек жашоо образын, анын ичинде маданияттык, гигиеналык жана турмуштук кендүмдерүн калыптандыруу болушу керек.
2. Балдардын жеке жана коомдук гигиена кендүмдерүн тарбиялоо алардын ден соолугун сактоодо негизги ролду ойнойт, үй-бүледе, мектепке чейинки билим берүү уюмунда (мындан ары МЧББ), мектепте жана башка коомдук жайларда жүрүм-турумду туура уюштурууга жардам берет. Өзүнүн гана ден соолугу эмес, башка балдардын жана чоң адамдардын ден соолугу балдар тарабынан керектүү гигиеналык ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин билүүсүнен жана аткарылышынан кез каранды.
3. Балдар менен күнүмдүк иштееде, жеке гигиенанын эрежелерин аткаруу алар үчүн табигый муктаждыкка айланышына жана балдар ескен сайын гигиеналык кендүмдерүнүн еркүндешүне дайыма умтулуу керек. Бала бакчадан баштап балдарда теменкү кендүмдер калыптанышы керек: денени таза кармоо, тамактануу маданияты, жакынкы чейреде гигиеналык эрежелерди сактоо, бири-бири жана чоң адамдар менен туура ез ара мамиле.

4. «Алкактык компетенттүүлүк шкаласы» 5-6 жаштагы балдарда енүктүрүү керек болгон позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумдун, турмуштук кендүмдердүн, сергек жашоо образынын баалуулуктарын жана гигиеналык билимдердин керсеткүчтерүн камсыздайт.

ЖЕТЕКЧИЛИККЕ АЛГАН ПРИНЦИПТЕР

Тарбиячылар тарабынан еткерүлген жана методикалык колдонмодо сүреттелген интерактивдүү ата-энелер чогулуштары, сааттар, практикалык кенүгүүлер балдар канчалык гигиеналык билимдерин, гигиеналык позитивдүү жүрүм-турумун жана маданиятын, турмуштук кендүмдерүн жакшырта алгандыгын практикада керүүгө жардам берет.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячылары Алкактык компетенттүүлүк шкаласын колдонууда теменкү принциптерди жетекчиликке алышы зарыл:

1) Системалуулук жана ырааттуулук принциби.
2) Жеткиликтүүлүк принциби.
3) Керсетмелүүлүк принциби.
4) Аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби.
5) Туруктуулук принциби.

Системалуулук жана ырааттуулук принциби – мектепке чейинки билим берүү уюмунда уюштурулган тарбиялоо, окутуу, енүктүрүү процессинин мазмуну белгилүү бир логикага (тартипке, системага), теменкү эрежелерге ылайык курулушу керек:

а) изилденип жаткан материал белүмдерге жана темаларга белүнет, алардын ар биринде белгилүү бир изилдее методикасы бар;
б) ар бир темада мазмундук борбор, негизги түшүнүктер жана идеялар белүп керсетүлет, баяндоонун ырааттуулугу ойлонулат;
в) тема менен таанышып жаткан учурда, фактылар, мыйзамдар, теориялар ортосунда тышкы жана ички байланыштар түзүлет.

Жеткиликтүүлүк принциби – окуу материалынын мазмуну жана окуп-үйренүүсү балдардын интеллектуалдык, адеп-ахлактык жана физикалык жүктемүн пайда кылбашы керек.

Көрсөтмөлүүлүк принциби – тарбиялоо, окутуу жана енүктүрүү процессинин жүрүшүнде баланын бардык сезимдерин мүмкүн болушунча «күйгүзүү» керек, аларды алынган маалыматты кабыл алууга жана иштеп чыгууга тартуу керек (башкача айтканда, балдарга бир нерсе женүнде айтуу жетиштүү эмес, бирок байкоо жүргүзүүгө, елчееге, кармоого, эксперименттерди жүргүзүүгө, алган билимдерин жана кендүмдерүн практикада колдонууга мүмкүнчүлүк берүү керек).

Аң-сезим жана активдүүлүк принциби – балдар таанып билүү процессинин субъекттери болгондо гана натыйжага жетишүүгө болот, б.а. алар сунушталган ишмердүүлүктүн максаттарын жана милдеттерин түшүнүшет, ез ишмердүүлүгүн ез алдынча пландаштырууга жана уюштурууга мүмкүнчүлүк алышат, кейгейлердү коюп, аларды чечүүнүн жолдорун издей алышат.

Туруктуулук принциби – балдар тарабынан алынган билимдер алардын аң-сезиминин бир белүгү, жүрүм-турумдун жана ишмердүүлүктүн негизи болушу керек. Бул теменкү учурда болушу мүмкүн:

- ишмердүүлүк процессинде бала таанып билүү активдүүлүгүн керсеттү;

- материалды кайталоо үчүн атайын тандалган кенүгүүлер керектүү санда жана ырааттуулукта аткарылды;
- сунушталган материалдын түзүлүшүнде жана анын мазмунунда башкысы баса белгиленет жана компоненттер ортосунда логикалык байланыштар түзүлген;
- ишмердүүлүктүн натыйжаларына системалуу мониторинг (текшерүү жана баа берүү) жүргүзүлген.

ТҮЗҮЛҮШҮ

Алкактык компетенттүүлүк шкаласынын түзүлүшү теменкү аспектилерден турат: күтүлүүчү натыйжалар енүгүүнүн терт негизги багытынын чегинде каралат. Өз кезегинде, алардын ар биринде курактык мезгилине ылайык, енүгүүнүн күтүлүүчү керсеткүчтерүнен турган енүгүүнүн бирден тертке чейинки компоненттери камтылышы мүмкүн болгон бир же эки чакан компетенттүүлүктер бар.

ТАРМАК
ЧАКАН ТАРМАК
КОМПОНЕНТ
ШКАЛА
Көрсөткүчтөр: 5 жаштагы балдар үчүн

ТАРМАК. Биз үчүн балдардын компетенттүүлүгүн енүктүрүүнүн бардык тармактарында, башкача айтканда, «Физикалык енүгүү», «Когнитивдик енүгүү», «Социалдык жана эмоционалдык енүгүү», «Чыгармачылык жана эстетикалык енүгүү» тармактарында кароо маанилүү. Алар баланын ар тараптуу енүгүшүнде маанилүү роль ойноочу бардык багыттарын ар тараптан камтууну камсыз кылат. Баланын енүгүүсүнүн бардык багыттары бири-бири менен тыгыз байланышта, бир тармактын енүгүүсү экинчисинин енүгүшүне ебелге түзет, андыктан балдарды бардык тармактарда (енүктүрүү) бир убакта енүктүрүү керек. Өнүгүүнүн бир тармагына кеңүл топтоо башка тармактардын енүгүшүне терс таасирин тийгизет. Өнүгүүнүн ар бир тармагынын езүнө мүнездүү езгечелүктерү жана максаттары жана милдеттери бар, ез кезегинде бул максаттарга жетишүү енүгүүнүн башка тармагынын максаттарын жана милдеттерин ишке ашырууну шарттайт.

ЧАКАН ТАРМАК – бул тармактарды чакан топго белүү. Өнүктүрүүнүн негизги тараптарынын чакан тармактары енүгүүнүн белгилүү аспекттерин камтыйт жана алардын конкреттүү багыттуулугун керсетет.

КОМПОНЕНТ (конкреттүү аспект) – бул андан ары белүү, ал чакан тармактардагы бирдиктерди керсетет, мисалы, «Социалдык енүгүү» «Турмуштук кендүмдер» жана «Чоң адамдар менен ез ара мамилелери» деп белүнүшү мүмкүн.

КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ШКАЛАСЫ – белгилүү бир курактык деңгээлге жеткен учурда баланын билимдерине, билгичтиктерине, кендүмдерүне перспективдүү баа берүү (мисалы, үч жаштан баштап беш жашка чейинки балдар езүн-езү тейлее билимин жана кендүмүн керсетүшет).

КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР конкреттүү багыттуулукка ээ, чакан тармактын максаттарын жана идеяларын чагылдырышат; түшүнүктерге так аныктама беришет; биз баланын енүгүүсүнде эмнеге жетишүүнү каалаганыбызды аныктоого жардам беришет;

елчее үчүн негиз түзүшет; мектепке даярдыгына баа берүү үчүн курал катары кызмат кыла алышат.

КӨРСӨТКҮЧ – бул курактык топко ылайык келген елченүүчү жана ага теп келген жүрүм-турумга жана билимдерге келечекте баа берүү (мисалы, беш жашка келгенде бала кийимин ез алдынча кийгенди жана чечкенди билүүге тийиш).

Керсеткүчтер алкактык шкаланын маани-маңызын толук чагылдырат жана бүт аспекттерин камтыйт; баланын курагына шайкеш келет; тактыгын жана стандарт менен ошондой эле ез ара шайкештигин керсетүп турат; бул байкоого (угууга, керүүге) боло турган нерселер, алар балдардын аракеттеринен, сездерүнен, жүрүм-турумунан керүнүп турат жана байкоо үчүн жеңил болууга тийиш; мурдагы керсеткүчтерге карама-каршы келбейт, башкача айтканда, алар бир эле курактык топ үчүн мурдагы керсеткүчтен жеңил болууга тийиш эмес.

ӨНҮГҮҮ ТАРМАКТАРЫ

А. БАЛДАРДЫН ФИЗИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ

Балдардын толук кандуу физикалык енүгүүсү - бул, биринчи кезекте, кыймыл билгичтиктеринин жана кендүмдерүнүн ез мезгилинде калыптанышы, балада жеткиликтүү кыймылдардын ар кандай түрлерүне кызыгууну енүктүрүү, инсандын оң моралдык-эрктүү сапаттарын тарбиялоо.

Балдар беш жашында тынымсыз кыймылда болушат, ошону менен алардын ой жүгүртүүсү дагы енүгет. Мисалы, кээде бала жыйырма мүнетке чейин ез ойлоруна кеңүл топтогонун байкаса болот. Колдорунун шамдагайлуулугу енүгет, бала карандашты туура кармаганды билет.

Алты жашар бала бир бутунда секиргенди билет жана эки деңгелектүү велосипед тебүүнү, лыжа тебүүнү жана сууда сүзүүнү үйренет. Колдорунун менен кездерүнүн ез ара аракети мурдагыга караганда жакшыраак. Тамгаларды жана башка жазуу манипуляцияларын жазуусу жакшыраак. Баланын енүгүүсүнүн бардык этаптарында, аракет, оюн аркылуу үйренүү жана үйретүү эң маанилүү. Баланын енүгүүсүне дайыма фон катары кызмат кылган радио же телевизордун үзгүлтүксүз ызы-чуусу тоскоол болот, ошондой эле компьютерден да оолак болуу керек. Баланы енүктүре турган ишмердүүлүкке кеңүл топтоо маанилүү. Келечекте бала так эрежелерди жетекчиликке алышы үчүн, аны тарбиялоо да максаттуу болушу керек. Биргелешкен оюнда сиз баланын чыгармачылык жендемдүүлүктерүн тарбиялайсыз жана анын жекече билгичтиктерин енүктүресүз. Балаңызды бардыгына үйретүңүз, окууну жашоонун табигый белүгүне айлантыңыз.

БАЛДАРДЫН ФИЗИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭҢ МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ БЕШ-АЛТЫ ЖАШ

- гигиенанын негизги эрежелерин билишет;
- эртең мененки кенүгүүлерге каалоо менен киришет;
- каалоосу менен ден соолугун чыңдоочу кенүгүүлер менен алектенишет;
- күн тартибин сакташат.

Б. БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮ

Эрте жана мектепке чейинки курак - бул эмоциялар баланын жашоосунун бардык аспектилеринде үстемдүк кылган, анын бардык башка психикалык функцияларын башкарган жана женге салган мезгил. Мектепке чейинки курак - бул адамдын жашоосунда ете кыска мезгил, алгачкы жети жыл гана. Бирок алар туруктуу мааниге ээ. Бул мезгил аралыгында енүгүү катуу жана тездик менен жүрет. Таптакыр алсыз, эч нерсе кыла албаган наристе салыштырмалуу ез алдынча, активдүү инсанга айланат. Баланын психикасынын бардык тараптары белгилүү енүгүүде болушат, ошону менен андан ары есүшүнүн пайдубалы түзүлет. Мектепке чейинки куракта психикалык енүгүүнүн негизги багыттарынын бири болуп инсандын негиздеринин калыптануусу эсептелет.

Социализация терелгенден башталат жана балалык мезгилде езгече маанилүү, анткени бала эрте куракта айлана-чейре менен ез ара аракеттене баштайт. Бул процесс чоң адамдардын да, балдардын да активдүү катышуусун талап кылат. Чоң адамдар тууроо үчүн үлгү болуп саналат, алар ошондой эле социалдык контексттерди тандашат жана түзүшет, анын алкагында балдар айлана-чейренү жана социалдык эрежелерди үйренүшет. Балдар – бул процесстин активдүү катышуучулары. Алар эмнеге үйренгендүгү жарым-жартылай айлана-чейреден жана тажрыйбасы боюнча эмнени билгенинен жана алар үчүн эмне үлгү (модель) болгонунан кез каранды.

Социализация кээде кеп багыттуу факторлордун мүнезүне ээ болгон, ар түрдүү турмуштук шарттардагы үч жаштан жети жашка чейинки баланын инсандыгына башаламан таасир этүү шартында да, тарбиялоодо да, башкача айтканда инсанды максаттуу калыптандыруу учурунда да жүрүшү мүмкүн. Тарбиялоо – социализациянын башкы жана аныктоочу принциби болуп эсептелет.

Психикалык функциялардын енүгүүсү баланын социалдык жана эмоционалдык чейресүнүн енүгүүсүнен ажырагыс. Эмоционалдык процесстер баланын кабыл алуу, кеңүл буруу, эс тутуу, ой жүгүртүү, элестетүү жана башка бардык функцияларын жүктеген жана женге салган психологиялык жашоонун чейресү болуп эсептелет. Эмоционалдык образ жана эмоциялык кеземел – бул тарбиялоонун максаты жана продуктусу.

Үч жаштан жети жашка чейинки баланын социалдык макамынын керүнүү чейресү дагы эле оюн, дал ушул оюндарда баланын биргелешкен ишмердүүлүкке катышууга каалоосу, жолдошторунун кызыкчылыктарын эске алууну билүүсү жана умтулуусу, пайда болгон чыр-чатактарды башкаларга жол берүү менен, «тынчтык жолу менен» чечүү. Чоң адамдар жана теңтуштар тарабынан балдарга жана алардын жүрүм-турумуна берилген баа берүүлердүн фонунда езүн-езү аңдоо жана езүне езү баа берүү пайда болот.

6-7 жашка чейин бала езүн-езү тейлее маданиятына ишенимдүү түрде ээ болот: ал езүн ез алдынча тейлей алат, пайдалуу адаттарга ээ, жеке гигиенанын элементардык кендүмдерүне ээ; езүнүн ден соолугунун абалын, ошондой эле айланасындагылардын ден соолугунун абалын аныктайт; анын эмнеси ооруп жатканын, денесинин кайсы белүгү, кайсы органы экендигин атай алат жана керсете алат; тамактануу маданиятына ээ; үшүбегендей же ашыкча жылуу болбогондой аба-ырайына ылайыктуу кийинет. Улуу топтогу мектепке чейинки бала жаракат алган учурда эмне кылуу керектигин балага же чоң адамга түшүндүре алат (аракеттердин алгоритми) жана мындай жагдайларда езүне жана башкага элементардык (женекей) (жараны жуу, дарылоо, буруу, жардам үчүн чоң адамга кайрылуу) жардам керсетүүге даяр. Бул куракта мектепке чейинки курактагы балдардын жүрүм-турумунда езүн езү женге салуу мүмкүнчүлүгү калыптанат, башкача айтканда, балдар аларга чоңдор тарабынан мурда коюлган талаптарды коө башташат. Ошентип, алар кызыктуу нерселерге алаксыбай, жагымсыз иштерди бүтүрө алышат (оюнчуктарды тазалоо, белменү тазалоо ж.б.). Бул балдардын жалпы кабыл алынган ченемдерин жана жүрүм-турум эрежелерин билүүсүнүн жана аларды аткаруу милдеттенмесинин аркасында мүмкүн болот. Бала эмоционалдуу түрде езүнүн жүрүм-турумунун башкалар тарабынан баа берүүсүн гана эмес, езүнүн ченемдерди жана эрежелерди сактоосун, анын жүрүм-турумунун моралдык жана этикалык түшүнүктерүнө дал келүүсүн башынан еткерет. Бирок, ченемдерди сактоо (ынтыкмактуу ойноо, оюнчуктар менен белүшүү, агрессияны кеземелдее ж. б.), эреже катары, бул куракта эң жагымдуу адамдар менен, достору менен ез ара аракеттенүүде гана мүмкүн болот.

БЕШ ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭҢ МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

- 6 жашка чейин балдар ата-энесинен кез карандысыз боло башташат. Алар канчалык «чоңойгонун» керсетүүге аракет кылышат;
- теңтуштар тарабынан кабыл алуусу мурункуга караганда маанилүү, кызматташууга жана белүшүүгө үйренүшет;
- эркек балдар эркек балдар менен, кыздар кыздар менен ойношот;
- спорттун түрлерүн жана оюнчуктарды тандашат;
- тил кендүмдерү енүккен сайын, балдар болгон окуяны, эмнени сезишкенин жана эмнени ойлогондорун жакшыраак сүреттешет;
- уруксат берилген нерселердин чектери кайда экенин аныкташат;
- балдар чындыкты кыялдан ажыратышат.

В. БАЛДАРДЫН ТААНЫП БИЛҮҮ (КОГНИТИВДҮҮ) ӨНҮГҮҮСҮ

Таанып билүү енүгүүсү – бул баланын кабыл алуу, эс тутум, түшүнүктердү калыптандыруу, кейгейлердү чечүү, элестетүү жана логика сыяктуу аркандай ой процессин енүктүрүү аркылуу маалыматты үйренүү жана кейгейлердү чечүү жендемдүүлүгү. Беш же алты жашында балдардын кабыл алуусунда, кеңүл буруусунда, эс тутумунда, ой жүгүртүүсүнде түп тамырынан езгерүү жүрет – бул процесстер эрксизден атайылап, эрктүүгө айланат. Бул курактагы баланын алдында аң-сезимдүү максаты бар – эстеп калуу, белүп керсетүү, жалпылоо, кеңүл буруу ж.б.

Чоң адамдар (ата-энелер, тарбиячылар) балдарга интеллектуалдык эмгектен ырахат алууну үйретүп, акыл-эс енүгүү муктаждыгын жана окутуу процессинин езүне карата позитивдүү мамилени калыптандырышы керек. Бул үчүн сунушталган окуу милдеттери,

ошондой эле окуу материалынын татаалдыгы ушул курактагы балдардын таанып билүү процесстеринин енүгүү деңгээлине дал келиши зарыл.

БЕШ-АЛТЫ ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫН КОГНИТИВДҮҮ ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭҢ МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

- гигиена эрежелерин түшүнүшет жана аларды аткарышат;
- «туура» жана «туура эмес» гигиеналык жүрүм-турумду айырмалашат;
- телефон номерин жана үй дарегин эстей алышат.

Г. БАЛДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ

Эстетикалык тарбиялоо – баланы тарбиялоонун эң маанилүү тарабы. Бул сезүү тажрыйбасын, инсандын эмоционалдык чейресүн байытууга ебелге түзет, реалдуулуктун моралдык жагын таанууга таасирин тийгизет (мектепке чейинки курактагы бала үчүн «сулуу» жана «боорукер» түшүнүктерү дээрлик окшош), таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатат, ал тургай физикалык енүгүүге таасир этет. Эстетикалык тарбиялоонун натыйжасы болуп эстетикалык енүгүү эсептелет. Эстетикалык тарбиялоо биринчи кезекте баланын музыкалык, керкем, театралдык, конструктивдүү билим берүүсүн камтыган чыгармачыл енүгүүсүн болжолдойт.

Үй-бүле, тарбиячылар жана айлана-чейре балдардын музыкага, ырга, сүретке, бийге жана башка енерге болгон сүйүүсүн ойгото алат.

Чыгармачылык балдарга эмоцияларын, индивидуалдуулугун билдирүүге, курчап турган дүйнену түшүнүүгө, езүне болгон ишенимди, езүн керсетүүгө болгон умтулууну жана кызматташууга жендемдүүлүгүн енүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Оюн аркылуу чыгармачылык ишмердүүлүк баланы искусствого тартуунун, кызыгуунун эң жеткиликтүү жана оптималдуу жолу болуп эсептелет.

Бардык таанып билүүнүн, анын ичинде эстетикалык да негизинде ишмердүүлүк жатат. Бала езүнде чыгармачылык дараметин енүктүрүшү керек, пассивдүү угуучу жана байкоочу болбошу керек.

Беш-алты жаштагы балдарда айланадагы дүйнөнү, жаратылышты, керкем искусство чыгармаларын, музыканы, бийди эстетикалык кабыл алуу калыптанат жана керкем образдардын таасирине эмоционалдуу жооп берүү билгичтиги енүгет. Балдар керкем чыгармаларды окууга, поэзияны жаттоого, кайра айтууга, аңгемелерди жазууга кызыгышат, ошондуктан мугалим аларды дайыма байкап турушу керек, кызыкчылыктарын кылдат изилдеп, езүн ишке ашырууга жардам бериши керек.

Музыкалык, керкем жана жемиштүү ишмердүүлүкте балдар керкем чыгармаларга, музыкалык жана керкем искусство чыгармаларына эмоционалдуу жооп беришет, аларда адамдардын жана жаныбарлардын ар кандай эмоционалдык абалы образдуу каражаттардын жардамы менен берилет. Музыкалык образды түшүнүп, музыкалык чыгарманын сюжетин кебүреек бүтүн кабыл ала башташат. Музыкага болгон кызыгуу, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрлерү активдүү түрде керүнет.

Балдар музыкалык чыгарманын үнүне эмоционалдуу гана жооп бербестен, ал женүнде шыктануу менен айтышат (музыкалык образдардын жана баяндоонун табияты, музыкалык туюнтуу каражаттары женүнде), аларды турмуштук тажрыйба менен байланыштырышат. Музыкалык эс тутум балдарга сүйүктүү обондорун жаттоого,

таанууга, атүгүл атоого мүмкүндүк бөрөт. Аткаруучулук ишмөрдүүлүктүн өнүгүүсүнө ушул курактагы өндүрүмдүү шыктануунун үстөмдүгү (ыр ырдоо, бий бийлөө, балдардын музыкалык аспабында ойноо, жөнөкөй ритмикалык үлгүнү кайра чыгаруу) түрткү болот. Балдар чыгармачылыкка болгон биринчи аракөтин жасашат: бийди жаратуу, музыкага ойноону ойлоп табуу, марштын жө бийдин татаал эмес ритмдөрин импровизациялоо.

Музыкалык табитти жана жалпы музыкалык-көркөм ишмөрдүүлүккө кызыгууну калыптандырууга чоң адамдардын көрсөтмөсү активдүү таасир этөт. Мөктөпкө чөйинки курактагы баланын өнүгүүсүнүн маанилүү көрсөткүчү болуп көркөм өнөр ишмөрдүүлүгү эсөптөлөт. 5 жашында, алар айлана-чөйрө жөнүндө түшүнүктөрдүн чоң запасына ээ, аларды өзүлөрүнүн активдүүлүгүнөн, суроолорду бөрүүгө жана эксперименттөрди жүргүзүүгө умтулуусунан улам алышат.

Предметтөрдин нөгизги касиеттери жөнүндө түшүнүктөр ого бөтөр көңөйөт жана төрөндөйт. Бул курактагы бала нөгизги түстөрдү жакшы билөт жана көлөкөлөр жөнүндө түшүнүгү бар (мисалы, бир түстөгү эки көлөкөнү көрсөтө алат: ачык кызыл жана кочкул кызыл). Алты жаштагы балдар гөометриялык фигуралар бири-биринөн эмнөси мөнөн айырмаланарын айта алышат. Алар үчүн чоң сандагы предметтөрди өлчөмү боюнча бири-бири мөнөн салыштыруу татаал болбойт: мисалы, ар кандай өлчөмдөгү 7-10 табакты ирөттөп коюу, аларга тиөшөлүү өлчөмдөгү ар кандай өлчөмдөгү кашыктарды жайгаштыруу. Баланын мөйкиндиктө багыт алуу жөндөмдүүлүгү өсөт. Эгөр ага жөнөкөй бөлмө планын сунуштаса, анда ал уктай турган бөшигин көрсөтө алат. Убакытты өздөштүрүү дагы эле жөткиликтүү эмес. Мөзгилдөрдө, жуманын күндөрүндө так багыт жок.

БЕШ-АЛТЫ ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЭҢ МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

- жуунуу, кийинүү, сууга түшүү, тамактануу, бөлмөнү тазалоо процесстөринин алгоритмин жакшы билишөт;
- бул процесстөрди коштогон атрибуттардын багытын билишөт жана өздөрүнүн максаттары боюнча пайдаланышат: самын, бөт аарчы, жоолук, салфөтка, ашкана буюмдары;
- сюжөттик-ролдук оюндарда позитивдүү гигиөналык жүрүм-турумду көрсөтө алышат.

5-6 ЖАШ
ФИЗИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Позитивдүү гигиена**
Компонент	Тамактануу
Шкала	Бала тамакка карата езүнүн мамилесин керсетет.
Көрсөткүчтөр	1. Тамакка карата езүнүн муктаждыктарын билдирет (качан ал ачка, качан ал ток экендигин айтат). 2. Тигил же бул тамактарга артыкчылык берет. 3. Тамактануу учурунда тоскоол болбойт (столдон туруп кетпейт, башка ишмердүүлүк менен алектенбейт). 4. Сенсордук сезимдерге негизделүү менен, продуктылардын сапатын аныктай алат.

5-6 ЖАШ
ФИЗИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Позитивдүү гигиена**
Компонент	Ден соолук
Шкала	Бала сергек жашоо образына езүнүн мамилесин керсетет.
Көрсөткүчтөр	1. Сергек жашоо образы (туура тамактануу, кыймыл, уйку жана күн, аба жана суу – биздин мыкты досторубуз) жана ден соолукту кыйраткан факторлор женүнде билет. 2. Адамдын ден соолугу үчүн гигиенанын жана күнделүк режимдин ролун түшүнет. 3. Ден соолугу жакшы адамдын мүмкүнчүлүктерүн баалай алат. 4. Сергек жашоо образына муктаждыктарды аныктай алат. 5. Туура тамактануудан адамдын ден соолугунун кез карандылыгынын талдоосун жүргүзе алат.

5-6 ЖАШ
ФИЗИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Турмуштук көндүмдөр**
Компонент	Эмпатия
Шкала	Бала ооруп жаткан адамдарга езүнүн мамилесин керсетет.
Көрсөткүчтөр	1. Ооруган адамды карагандын эрежесин (ал женүнде кам керүү, тынч болуу, анын етүнүчүн жана тапшырмаларын аткаруу) билет. 2. Ооруган адамга боору ооруйт. 3. Өзүнүн абалын мүнездей алат.

5-6 ЖАШ
СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Социалдык өнүгүү**
Компонент	Турмуштук кендүмдер жана социалдык ролдорду жана жүрүм-турум ченемдерин ездештүрүү.
Шкала	Бала езүн-езү тейлеенү билгенин жана кендүмүн керсетет.
Көрсөткүчтөр	1. Өз алдынча кийинет жана чечинет. 2. Боолорун байлайт. 3. Өз алдынча суюктукту бетелкеге куят. 4. Турмуш-тиричилик техникасы менен кайрылуунун билет. 5. Өзүнүн белмесүнде тазалыкты жана иреттүүлүктү сактайт, кийимдерин тыкан бүктейт же илет.

5-6 ЖАШ
СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Социалдык өнүгүү**
Компонент	Турмуштук кендүмдер жана социалдык ролдорду жана жүрүм-турум ченемдерин ездештүрүү.
Шкала	Бала гигена кендүмдерүн керсетет
Көрсөткүчтөр	1. Эскертүүсүз колун самын менен жууйт (дараатканадан кийин жана тамактануу алдында). 2. Колун сүлгү менен кургатат. 3. Өзүнүн тышкы кебетесинин тазалыгына жана тыкандыгына езү байкоо жүргүзет. 4. Таза гана идиш жана жеке гигиена каражаттары менен (тиш щетка, сүлгү, тарак) пайдаланат 5. Шашылыш кызматтардын телефондорунун номурларын (101, 102, 103, 112) билет. 6. Таза гана сууну ичүү керектигин билет.

5-6 ЖАШ
СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Социалдык өнүгүү**
Компонент	Позитивдүү гигиена
Шкала	Бала тазалыкты сактоо адатын керсетет
Көрсөткүчтөр	1. Денесинин тазалыгына, кийимине, чачынын тыкандыгына байкоо жүргүзүү адатына ээ. 2. Тырмагынын тазалыгын карайт. 3. Жетелүүде жана чүчкүрүүде оозун жана мурдун бет аарчы менен жабат. 4. Өзүнүн тышкы кебетесиндеги тыкансыздыкты ез алдынча байкай алат жана алып салат.

5-6 ЖАШ
СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Социалдык өнүгүү**
Компонент	Тамактануу гигиенасы
Шкала	Бала тамактануу маданиятын еркүндетет.
Көрсөткүчтөр	1. Тамактанууга керек приборлор менен туура колдоно алат (вилка, бычак). 2. Тыкан тамактанат, столдо туура отурууну сактоо менен, үндү чыгарбай тамактанат. 3. Өтүнүч менен кайрылууну билет, ыраазы болот. 4. Өзүн-езү тейлее деген эмне экендигин түшүнет.

5-6 ЖАШ
ТААНЫП БИЛҮҮ (КОГНИТИВДИК) ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Сынчыл ой жүгүртүү**
Компонент	Мейкиндикке жана мезгилге багыт алуу
Шкала	Бала мейкиндикке жана мезгилге багыт ала алат
Көрсөткүчтөр	1. Мейкиндикке багыт ала алат: оңго, солго, үстүндө, алдында, ортосунда, башка предметтерге карата ортосунда. 2. Барактын жайылышында оң жана сол тарабын, жогору жана темен, бурчтар, борборлорду аныктай алат. 3. Терт жыл мезгилин аныктайт. 4. Күн убактысын атайт: эртең менен, күндүз, кечинде. 5. Жуманын күндөрүн аныктайт. 6. Кечээ, бүгүн, эртең, мурун, жакында, эчак сөздөрүн туура пайдаланат. 7. Саат боюнча убакытты аныктай алат:туптуура 5, 6 болду ж.б

5-6 ЖАШ
ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Чыгармачылык баланын өнүгүүсү үчүн курчаган дүйнөнү тааныып билүү каражаты катары**
Компонент	Чыгармачылык (креативдүүлүк) жана өзүн көрсөтүү
Шкала	Бала элестетүү көндүмүн көрсөтөт
Көрсөткүчтөр	1. Жаңы сюжеттерди жана ролдорду, тааныш материалдар жана оюнчуктар менен оюндарды ойлоп табат. 2. «Чын эле», «атайылап» түшүнүктөрүн пайдалануу менен, реалдуулукту ойлоп табуудан айырмалайт. 3. Ойноо менен образдарды жана сюжеттерди ойлоп табат.

5-6 ЖАШ

ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Чакан тармак	**Чыгармачылык баланын өнүгүүсү үчүн курчаган дүйнөнү таанып билүү каражаты катары.**
Компонент	Чыгармачылык (креативдүүлүк) жана езүн керсетүү
Шкала	Бала чыгармачылыкка кызыгууну керсетет.
Көрсөткүчтөр	1. Тыкан ийлеп чаптоо кендүмүн бекемдейт. 2. Ийлеп чаптоо аяктагандан кийин колдорун дыкан жуу кендүмүн бекемдейт. 3. Материалдарга тыкан жана жакшы мамилени калыптандырат. 4. Материалдарды үнемдүү жана рационалдуу коротуу билгичтигин бекемдейт. 5. Активдүү ез алдынча аракеттер аркылуу чыгармачылыкты енүктүрет.

КОРУТУНДУ

Алкактык компетенттүүлүк шкаласы Ош, Нарын, Чүй жана Баткен областарынын мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарынын тарбиячыларына практикада канчалык балдар езүлерүнүн турмуштук кендүмдерүн, позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун жакшырта алышканын керүүге жардам берет. Тарбиячылар тарабынан методикалык колдонмодо сунушталган ата-энелердин интерактивдүү чогулуштарынын иштелмелерин колдонуу менен, уюштурулган иш-чаралар, бала бакчадагы гигиена жана санитария боюнча кейгейлерду аныктоо жана чечүү боюнча ата-энелер менен биргелешкен ишмердүүлүк аркылуу гигиеналык маданияттын калыптануусун аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлет.

Алкактык компетенттүүлүк шкаласын колдонуу тарбиячылардын, ата-энелердин, балдардын үзгүлтүксүз жана практикалык ез ара аракеттенүүсүнде гана натыйжалуу болот. Мындай мамиле позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумду, сынчыл жана чыгармачылык (креативдүү) ой жүгүртүүнү калыптандыруу жана енүктүрүүнү демилгелейт.

Алкактык компетенттүүлүк шкаласы мектепке чейинки беш-алты курактагы балдардын езгечелүктерүн, енүгүүнүн ар түрдүү темпин, окшош эмес физикалык, эмоционалдык жана акыл-эс жендемдүүлүктерүн эске алганын белгилее маанилүү.

Алкактык компетенттүүлүк шкаласын теменкү багыттар боюнча колдонуу сунушталынат:

- мектепке чейинки курактагы балдардын позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумун жакшыртууга багытталган улуттук программа;
- мектепке чейинки курактагы балдардын сынчыл жана чыгармачылык (креативдүү) ой жүгүртүүнү енүктүрүүге багытталган программалар;
- мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо, окутуу жана енүктүрүү сапатын жогорулатуу программалары;
- мектепке чейинки курактагы балдарды гигиеналык тарбиялоо жана окутуу боюнча программа.

ТИРКЕМЕЛЕР

1-ТИРКЕМЕ.

ТАРБИЯЧЫНЫН ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУНАН КИЙИНКИ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮ (РЕФЛЕКСИЯСЫ)

Педагогдун аты-жөнү _____

1. Интерактивдүү чогулушта Сиздин оюңуз боюнча, эмнелер абдан ийгиликтүү болду? Эмне үчүн Сиз ушундай деп эсептейсиз?

_____

_____

_____

2. Сиз өткөргөн интерактивдүү чогулуштун алгылыктуу жактары кайсылар деп ойлойсуз?

_____

_____

_____

3.Интерактивдүү ата-энелер чогулушунун кайсы ийгиликтүү учурлары боюнча кесиптештериңиздер менен бөлүшсөңүз болот? Эмне үчүн?

_____

_____

_____

4. Сиздин оюңуз боюнча, интерактивдүү чогулушта эмнелер ийгиликсиз болуп калды? Кандай себептер боюнча?

_____

_____

_____

5. Ушул ийгиликсиз учурларды чечүү үчүн Сизге кандай жардам керек?

_____

_____

_____

6.Тажрыйбаңызды байытыш үчүн кесиптештердин сабактарына катышуунун мааниси кандай?

_____

_____

_____

2-ТИРКЕМЕ.

БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БАРАГЫ

Параметри: билим берүү чейресүнүн абалы

Максаты:тарбиялык сааттагы/интерактивдүү ата-энелер чогулушундагы билим берүү чейресүн баалоо

Байкоону ким жүргүзөт: насаатчы

№ п/п	Көрсөткүчтөр / Параметрлер	Каалаган учур	Канааттандыраарлык учур	Каалабаган учур
1.	**Ата-энелердин активдүүлүгү**	–Тарбиячы азыраак сүйлөйт, ата-энелер көбүрөөк сүйлөшөт. –Тарбиячы бардык ата-энелердин процесске катышуусуна көңүл бөлөт.	–Тарбиячы ата-энелерге сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берет, алар айтканды кайталабайт, оңдоолорду киргизбейт. – Тарбиячы убак-убагы менен ата-энелерди активдүү болууга үндөйт.	–Негизинен тарбиячы сүйлөйт. –Бардык ата-энелер активдүү болушуна көңүл бурбайт.
2.	**Ата-энелердин өз ара аракеттенүүсү**	-Тапшырманы аткарып жатканда ата-энелер тарбиячы менен гана эмес, бири-бири менен да иштешет. Интерактивдүү чогулушта өз ара аракеттенүүнүн бардык типтери колдонулат: (тарбиячы –ата-эне, ата-эне –ата-эне).	Ата-энелер тарбиялык сааттын көп бөлүгүндө тарбиячы менен гана иштешет (тарбиячы – ата-эне, ата-эне – тарбиячы).	Тарбиячы суроо берет, окуучулар жооп беришет. Окутуу процесси бир багыттуу.

3.	**Баа берүү**	–Тарбиячы диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу баалоонун ар кандай методдорун, техникаларын пландаштырат жана колдонот. Ата-энелерге кайтарым байланышты уюштурат. –Интерактивдүү чогулуштун тыянагын чыгарууда тарбиячы ата-энелердин жумуштарынын натыйжаларына таянат.	-Тарбиячы калыптандыруучу баалоонун техникаларын системалуу түрдө колдонбойт. -Кээде кайтарым байланышты камсыздайт.	-Тарбиячы гана ата-энелерди баалайт.

Насаатчынын эсине:

Алынган маалыматты кантип талдаш керек?

Бөлүп каралган көрсөткүчтөр (индикаторлор) баалоо аспектисинин кайсынысы каалабаган учур экенин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай аспекттер канчалык көбүрөөк болсо, ал учур ушунчалык кооптуу экенин айгинелейт. Демек кандайдыр бир аракеттерди көрүш керек. Канаатандыраарлык учур да тарбиячынын кемчиликтери жөнүндө күбөлөндүрөт.

Кандай кадамдарды шилтөө керек?

- алынган маалыматты тарбиячы менен талкуулап, кемчиликтердин себептерин аныктоо;
- тарбиячы менен биргелешип, учурду жакшыртуу жана өзгөртүү үчүн милдеттерди коюу;
- коюлган милдеттерди ишке ашыруунун мөөнөтүн аныктоо;
- кийинки интерактивдүү чогулушка катышуунун мөөнөтү жөнүндө макулдашуу.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:

1) Азаров Ю.П. Педагогика любви и свободы / Ю.П. Азаров. М.: Топикал, 1994. 608 с.

2) Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери китебинен. – Б., педагогика, 2003.

3) Каранова Т. Элдик салттар менен тарбиялоо – ез алдынча принцип катарында// Қазгу Хабаршысы. - Алматы, 2011.

4) Низовская И.А. «Сын ой жүгүртүүнү естүре турган окуу жана жазуу» программасынын сездүгү: окуу-методикалык окуу китеби. - Бишкек: Бебкф,2003.

5) Маралов В. Г. Основы самопознания и саморазвития: учеб. пособие для студ. сред. пед. учеб, заведений. — 2-е изд., стер. — М.: издательский центр «Академия», 2004. — 256 с.

6) Н.А.Лебедева-Несевра «Гигиеническое поведение в системе социальных факторов, формирующих здоровье населения». - Москва//Вопросы психологии. 2014 г.

7) «Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды окутуу жана енүктүрүү» боюнча колдонмо. - Бишкек. 2018.

8) Пособие «Жизненные навыки», второе издание сентябрь 2016 ©датский молодежный красный крест (дмкк)

9) Полиевский С А. Гигиенические основы физкультурно-спортивной деятельности: учебник для студ. учреждений высшего образования /С.А. Полиевский. — М.: Издательский центр «Академия», 2014. — 272 с.

10) Сивиринова Т. А. Использование интерактивных методов при проведении родительских собраний (сообщение из опыта работы для «Педагогических чтений»). Комсомольск-на-Амуре, 2013.

11) Сергиенко, Е. А. Социально-эмоциональное развитие детей. теоретические основы / Е. А. Сергиенко, Т. Д. Марцинковская, Е. И. Изотова и др. — М.: дрофа, 2019. — 248 с.: ил.

12) Эсенгулова М., Асекова Ж. «Сынчыл ой жүгүртүүнү естүрүү үчүн окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы. - Бишкек, 2004.

13) Эсенгулова М., Асекова Ж. Мүмкүнчүлүктердү кеңейтүү… («Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү естүрүү» усулунун теориясы жана практикалык тажрыйбасы). - Бишкек., 2008.

ТАРБИЯЧЫНЫН ИНТЕРАКТИВДҮҮ АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУНАН КИЙИНКИ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮ (РЕФЛЕКСИЯСЫ)

Мен үчүн сунуш кылынган интерактивдүү чогулуштун иштелмелери кызыгууну жаратты. Мурдакы чогулуштардан айырмаланып, бул интерактивдүү чогулуштарда ата-энелердин өз ара аракеттенүүсү алдыңкы орунда болуп, ата-эне менен баланын, тарбиячы менен ата-эненин ортосундагы байланыштын маанисинин ачыкталуусу орун алган. Мен өткөргөн интерактивдүү чогулуштун ийгиликтүү учурлары төмөнкүлөр болду деп эсептейм: ар бир тема боюнча катышуучу ата-эненин өз ойлорун ачык айтуусу топтордо активдүү өз ара аракеттенүүсү, макал-лакап, жаңылмачтатып сүйлөгөндөрү, ентацияга кооздоп сүрөттөрдү тарткандары, бир нерсени чаптап жасагандары. Ата-энелердин ушундай ишмердүүлүгүн көрүп, менде аларга белек берип койсок (кичинекей болсо да) абдан жакшы болот экен деген ой пайда болду. Интерактивдүү чогулуштагы ийгиликсиз учурларды чечүү менен, биз өзүбүздө да турмуштук көндүмдөрүбүздү өнүктүрөт экенбиз, ал үчүн ушундай колдонмолор даярдалып, жазылып, семинар-тренинг ар бир бакчада өткөрүү чоң мааниге ээ. Мындай иш-чаралар биздин тажрыйбабыз кеңейтүү максатын аткарат»..

Сарытаева Базаргул Саитовна,
«Гулбурак» мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячысы,
Сары Могол айылы, Алай району, Ош областы

«Мен интерактивдүү чогулуштар тууралуу ушул долбоорго катышуу менен тааныша алдым. Мен бардык интерактивдүү чогулуштун иштелмелерин кызыгуу менен кабыл алып, тренинг учурунда да, андан кийин да өткөрө алдым. Албетте, кыйынчылыктар болбой койгон жок, бирок позитивдүү учурлар көбүрөөк болду десем жаңылышпайм. Биздин айылдын ата-энелери балдарынын өсүп-өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти алышкан, бала бакчада болгон бардык иш-чараларга чын дили менен активдүү катышышат. Биз ата- энелерге аябай ишенебиз, алардын жардамы менен көп алгылыктуу иштерди арабыз. «Гигиена тармагында балдардын турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүү» колдонмосу у биздин ишмердүүлүгүбүзгө белгилүү өзгөрүүлөрдү алып келди, гигиена суроолоруна арналган көптөгөн жаңы маалыматтар менен таанышып, чыгармачыл аракеттенүү менен иш алып барууга үйрөндүк, турмуштук көндүдөрүбүздү өнүктүрүүнүн маанисин терең түшүнүүгө аракет кылуудабыз».

Тыныбекова Мээрим Аблайхановна
Садык Ата бала бакчасынын тарбиячысы,
Оттук айылы, Нарын району, Нарын областы

«Интерактивдүү чогулушта ата-энелер тарбиячынын презентациясын угуп, талкуулашып, активдүү, кызыгуу менен катышканы абдан ийгиликтүү болду. Себеби ар түрдүү ой-пикирлер, салыштыруулар айтылып, ортодо чоң талкуу жаралды. Мен өткөргөн интерактивдүү чогулуштун алгылыктуу жактары төмөнкүлөр болду деген ойдомун: 1) «Ата-энелер үчүн стеткич» менен иштөө аларга өздөрүнүн эмнеге жоопкерчиликтүү экенин сезе билүүсүнө түртүү берди. 2) Ата-энелер видеотасманы көргөндөн кийин алардын активдүүлүгү күчөп, өз ойлорун ортого сунуштай башташты. Видеотасма ата-энелерди ой жүгүртүүгө түртүү кылды, өз оюн ачык айтууга мүмкүндүк берди. 3) Интерактивдүү чогулушта ата-энелер балдарда позитивдүү гигиеналык жүрүм-турумду жана турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууга анча маани бербей келгендери тууралуу жакшы талкуулоо жүрдү. Ар бир интерактивдүү чогулуш жакшы маанай менен башталып, жемиштүү жыйынтыкталып жатты. Биз ата-энелерден кайтарым байланыш алып жаттык, алардын ойлорун окуп алып, өткөргөн иш-чаранын абдан мааниси чоң экендигине ишенип жаттык».

Абдылдаева Нурай Нукеевна
«Сейил» мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиячысы,
1-Май айылы, Кара-Кулжа району, Ош областы